
А. Тыныбеков



«ҚЫРГЫЗСТАН»
БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ — 1964



Актан Тыныбеков

# АСАН ЖАМАЛ

ЫРЛАР ЖАНА ПОЭМА



8059 — Дет-биб-ка.

## АКТАН ТЫНЫБЕКОВ

Актан Тыныбеков 1887-жылы Нарын районуна караштуу Тегерек-Булак деген жерде туулган. Анын атасы Чоңбаш жана Бекмурат сыяктуу чоң жомокчулардан таалим алып, бара-бара атагы чыгып, алыска даңкы угулган кадимки Тыныбек манасчы. Актан атанын тарбиясында узакка жүргөнү жок. 1900-жылы Тыныбек дүйнөдөн кайтып, он үч жашка жаңы чыккан Актан атадан жетим калды.

Ырчылыкка Актан кийин эс тартканда гана киришкен. Ал бала кезинде атасынын айткан «Манасын» көп укса да, ырларына көп көңүл бурса да, аларды дароо өздөштүрүп кете алган эмес. Ырдан көрө Актан комузга көбүрөөк көңүл бурду. 1905-жылдары кадимки Муратаалы, Калык, Куйручук жана Кара Молдолорду Балыкчыдан көрүп, алардан бир топ таалим алат да, мына ошондон кийин комуздун артынан түшөт.

Совет бийлиги орногондон кийин ал түрдүү жумуштарда иштейт. 1933-жылдан тартып айылдык советте, кийин колхоздо председатель болуп иштеди. 1933-жылдын аягынан тартып 1935-жылдын март айына чейин Нарын райондук радио түйүнүндө кызмат кылат. Ушул жылы ал драм театрга артист болуп кирет. Анда бир жылдан ашыгыраак иштеп туруп, 1936-жылдын октябрь айында Кыргызстан мамлекеттик филармониясына которулат. Бул кесипте Актан он жылдан ашыгыраак мезгил иштеп, кыргыздын улуттук искусствосун эл арасына пропагандалоодо бир топ эмгек сиңирди. Ал 1947-жылы пенсияга чыккан болучу. Бирок, ал өмүрүнүн акырына чейин өзүнүн сүйгөн кесибин таштаган жок. (1951-жылы 5-ноябрда дүйнөдөн кайткан).

Актандын филармонияда артист болуп иштеши жалаң гана комузчулукту эмес, акындыкты өркүндөтүүгө да түрткү берди. Мына ушул мезгилден тартып ал ырчылыктын артынан түшөт.

Чыгарманын чыныгы булагы — турмуш. Ал эми көркөмдүк каражат болсо акындын же жазуучунун талантына байланыштуу нерсе. Ошондуктан, чыгармаларга баа берилгенде, анын мазмуну, эл турмушунун сүрөттөлүшү жана ал чыгарманын көркөмдүк жагы эске алынат. Демек, эл турмушун талапка ылайык чагылдырган жана чындыкка негизделип жазылган чыгарма гана узак өмүр сүрүп, адабият текчесин байытууда белгилүү салым киргизе алат. Ушуга байланыштуу бул же тигил акындын адабият тарыхынын кандай баскычта орун алышы анын чыгармаларынын көркөмдүк жана идеялык маанисине карай белгиленмекчи. Бул жагынан алып караганда, Актан жазып калтырган мурастар бир топ кызыгууну туудурат.

Актан кандай акын? Ал өз чыгармалары менен кыргыз адабиятынын текчесин байытууга көмөк бере алабы? Анын чыгармачылыгында өзгөчөлүк барбы жана ал эмнелер менен мүнөздөлөт? Бул сыяктуу суроолорго толук жооп бериш үчүн көп изилдөөлөр талап кылынат. Ошондуктан, чакан көлөмдөгү баш сөз бардык маселени өзүнүн кучагына камтый албасын, баш сөздүн максаты акындын чыгармаларын окуучуларга тааныштыруу экенин алдын ала эскертип коюуга тийишпиз. Ошон үчүн кыскача болсо да, жогорудагы суроолорго жооп кайтарып, акындын чыгармаларына жалпы жонунан кыскача түшүнүк берип, ал жөнүндө бир-эки ооз сөз гана айтмакчыбыз.

Актан кайсы кубулушту, кайсы объектини албасын, сыпаттап айтуу менен, аны көз алдыга элестетип бере алат. Ыр жагына келгенде өз оюн эркин жана кенен айтууга, каармандын ички сырын ачууга жана сырткы көрүнүшүн так сүрөттөөгө күчү жетет.

Кайсы акынды албайлы, турмушту түшүнүү жана аны өз чыгармасына чагылдыруу жагы ар башка болот. Актандын чыгармачылыгында да мына ушундай өзгөчөлүк бар. Ал мейли өз чыгармасынын материалын өткөн турмуштан, мейли жаңы турмуштан албасын, көбүнчө тарыхый окуяларга көңүл буруп, чындык турмушту тарыхый шарттарда сүрөттөөгө кызыгат. Анын ырларынын көпчүлүгү Ата мекендик согуштагы патриотизм темасына арналган десек болот. Ал эми ири көлөмдөгү поэмасы болсо, кыргыз элинин баштан кө-

чирген тарыхый окуяларын, Октябрь революциясы алып берген эркин турмушту сүрөттөө менен өзгөчөлөнүп турат.

Актандын чыгармаларын колго алган ар бир окуучу андан эки түрдүү булакты байкашы мүмкүн. Биринчи булак катары кыргыздын оозеки эл чыгармачылыгы, экинчи булак кыргыз совет адабияты болуп саналат. Демек, акындын талантын көтөрүүдө, чеберчилигин өстүрүүдө мына ушул эки булак негизги ролду ойногондугу шексиз.

Актан кенже эпосту аткаруучулардын өкүлү катары да белгилүү. Элдик эпикалык поэмалар коллективдик чыгарма болуп саналса да, анын көркөмдүк жагы айтуучунун талантына жана анын чеберчилигине байланыштуу экени талашсыз. Актан өзү жазып тапшырган жана 1940-жылы өзүнчө китеп болуп чыккан «Эр Табылды» эпосу жөнүндө да ушуну айтуу керек. Окуяларды кыйма-чийме тармактарга бөлүп, ал аркылуу конфликт түзүү жана бир эпизоддон соң экинчи эпизодду өнүктүрүү Актандын чыгармачылыгындагы өзгөчөлүктүн бири. Окуяларды ушундай жагдайда сүрөттөп, андан турмуш чындыгын көз алдыга элестетип көрсөтүү жалаң «Эр Табылды» эпосуна гана эмес, Актандын «Асан-Жамал» поэмасына да мүнөздүү.

Эгер ырларынын бир даары эл акындарынын чыгармаларын эске түшүрсө, ал эми Актандын кайсы бир датага карай чыгарган ырлары жазуучу акындардын чыгармаларына тематика жагынан гана эмес, кубулушту сүрөттөө жагынан да окшош келет.

«Асан-Жамал» аттуу поэмага көз жүгүрткөндө ар бир окуучу андан жазма адабияттын тийгизген таасирин ачык көрө алат. Мындагы окуялар майда деталдарга чейин реалисттик манерада сүрөттөлгөн. Поэма кыргыз элинин 1916-жылы падышага каршы чыккан көтөрүлүшүн сүрөттөө менен башталып, андан ары өнүгө берет. Мишка деген бай орусга малай болуп жүргөн кыйла кыйынчылыктарды баштан кечирип, акыры азаптан кутулат, мындайча айтканда, ал Совет бийлиги тушунда гана жакшылык көрдү. Эгер Асан революциядан мурун өзүн жана сүйгөн кызы Жамалды боштондукка чыгаруу максатын көздөп, эркиндикке умтулуп келсе, бирок ага жетише албаса, револю-

циядан кийин ал жаңы коомдун сакчысы, советтик курулуштун активдүү ишмери болуп өсүп чыгат. Асандын турмушундагы өзгөрүүлөрдү Актан анчейин баяндоо жолу менен бербестен, поэманын каармандары баштан кечирген окуяларды аракетте, турмуштук конфликтер аркылуу сүрөттөп көрсөтө алган. Поэманы окуганда адамгерчиликтүү, эр көкүрөк, эл үчүн кызмат кылууга даяр турган каармандын образын дароо көз алдыга элестете алабыз. Мунун өзү, Актан Тыныбековдун күчтүү акындыгын айкын белгилеген көрүнүш экени талашсыз. Жыйынтыктап айтканда, «Асан-Жамал» чындык турмуштан алып жазылган, элдин талабына толук жооп бере турган тарыхый поэма.

Актан «Асан-Жамал» поэмасынан башка дагы «Бакты-Болот», «Үркүн» аттуу ири көлөмдөгү чыгармаларды жазган. Демек, колуңуздардагы жыйнакка Актандын чыгармалары бүт кирген жок. Ал эми Актан Тыныбековдун кол жазмаларын эл арасынан жыйноо, аларды изилдөө жолу менен, акындын толук жыйнагын чыгаруу келечекте жүзөгө аша турган иш. Бул болсо алгачкы кадам экенин эскертип коюуга тийишпиз жана ушул алгачкы жыйнак акындын чыгармачылыгы менен окуучуларды тааныштырууда алдына койгон милдетти аткара алат го деп ойлойбуз.

**Ж. Таштемиров**

## ИЛЬИЧ ЭСТЕН КЕТПЕЙТ

Жаралгансың айдын, күндүн нурунан,
Ай-ааламга атың тегиз угулган.
Даңгыраган чаап кеткен жолуңда
Жаркыраган жарык дүйнө курулган.

Жараланган жүрөк үчүн туулган,
Дары сыйпап дарттан аман суурган.
Өз колуңдан Октябрдын таңы атып,
Эмгекчи элиң эски кирден жуулган.

Акыл берген устаты сен — адамдын,
Асман, жердин туткасы сен — замандын.
Түпкүлүктүү түйнүн чечип кеткенсиң,
Көсөм Ильич, көркү болуп ааламдын.

Жеңиш берген сызып кеткен каламың,
Жер жүзү уккан жемишиңдин кабарын.
Портретиң көрүнгөндө: — ата! — дейт,
Эсиңдесиң эки жашар баланын.

# КЫРГЫЗСТАН

Ай жаркырап башынан,
Алтыны арбын ташыган,
Тоонун көркү кыргызда.
Кайберен чубап кыядан,
Кыраандар учуп уядан,
Зоонун көркү кыргызда.

Булагы тунук мөлтүрөп,
Өзөнү терең күркүрөп,
Суунун көркү кыргызда.
Аралга толуп салкындап,
Агарып көлдө жаркылдап,
Куунун көркү кыргызда.

Коргошун, күкүрт, таш көмүр,
Алтын, күмүш, жез темир —
Кендин көркү кыргызда.

Жайлоосу жыпар бурулдап,
Абасы салкын шыбырлап,
Желдин көркү кыргызда.
Кыздары сулуу, уулу март,
Келини шайыр, көөнү шат,
Элдин көркү кыргызда.

Балыгы туйлап жаркылдап,
Пароход жүрөт шарпылдап,
Көлдүн көркү кыргызда.
Аркар, кулжа топтошкон,
Аралаш чубап оттошкон,
Төрдүн көркү кыргызда.

Жайылса шибер көлбөгөн,
Жайында эгиз төлдөгөн,
Малдын көркү кыргызда.
Колхоздо кампа карк толгон,
Кызылчасы кант болгон —
Дандын көркү кыргызда.

Кыргыйдай жагоо тагынган,
Кыраандык жолун сагынган,
Балдары сонун кыргызда.
Асканы жанчып жол салган,
Дайрадан канал суу алган,
Балбаны сонун кыргызда.

Аргымак аты таң ашкан,
Аскери минсе жарашкан,
Күлүктөр сонун кыргызда.
Тулпарын тоого чуркаткан,
Душманды сайып сулаткан,
Жигиттер сонун кыргызда.

Беттешсе Кошой балбандай,
Душманды чаап алгандай,
Баатырлар сонун кыргызда.
Алмамбет, Бакай, Чубактан,
Байыркы Манас, Сыргактан
Баатырлык калган бир нуска.

Акындар таңшып ырдаган,
Обонун элим тыңдаган,
Үн сонуну кыргызда.
Кол ойнотуп кайырса,
Комуз менен кыякта,
Күү сонуну кыргызда.

Кыргызстан атанып
Даңкыбыз кетти жылдызга.
Ырыска батып бөлөндүк
Советтик жаңы турмушта.

## ЭЛИМЕ

Таш каптырып Гитлердин
Тамырын койбой үзгөн кез.
Тарпка конгон жырткычтар
Тырпырап торго түшкөн кез.
Таалайга каршы душмандар
Талкаланып бүткөн кез.
Кеткени келип кубанып,
Элим, жеңиштин сүтүн ичкен кез.

Уруштун кырдаал кезинде,
Уулдар кеткен аттанып.
Элүү беш жаштан төмөнкү
Эрүүлгө чыкты катталып,
Эркек-аял дебестен,
Эмгекке кирдиң даңкталып,
Эпкиндүүлөр сыйланды,
Эл ичинен макталып,
Бирок, кайраты жок кай бирлөр
Качып жүрдү сактанып.

Беш жылдык улуу согушта
Ким кужүрмөн, ким жалкоо
Белгиленди катталып,
Кайратын көрүп карынын,
Кастарлап эли барктадык.
Бирдиктүү күчтүн барынан
Биз, душманды жерге жанчтадык.
Эрлерге тылдан күч берип
Эненин сүтүн актадык.
Кутурган Гитлер жок болду,
Биздей, кутмандуу элге капталып.

Эмгектен башын тарткандар,
Элин сүйбөй качкандар,
Элдин мүлкүн уурдап
Эпчилдик кылып саткандар,
Коомдун малын коротуп,
Колу менен чачкандар.
Эл сотунан кесилип,
Эркинен калып жаткан бар.
Жаркырап орден тагынды
Жамаатын коргоп баккандар.
Жамандык жолго баспаган,
Акыл ойлоп, жаш балдар!
Ак ниеттүү койчулар,
Койлорун семиз багышты.
Борборго келип сыйланып,
Алар бардык элге таанышты.
Кай бир мыкты жылкычы,
Анын арык болбойт жылкысы.
Зыянкорду эстесе,
Анын күн-түн келбейт уйкусу.
Жылкынын туут маалында,
Чырм этип койбойт түнкүсү.
Баатырлар минчү буудан деп,
Алар, кулундун болот сынчысы.

Кай бир киши уй багат,
Колхозчудан тандалып,
Уй сарайга камданып,
Жайытка жакшы көндүрөт.
Чачкындатпай жамгарып.
Музоолору эликтей
Откорот байлап, кайтарып;
Субайы мөөрөп сүзүшөт,
Суусардай жүнү жайкалып,
Ак ниеттүү малчы деп,
Ана ошону айталык.

Кай бир жакшы жылкычы
Жоор кылбайт аттарын.
Кыш көрөсүң бороондо
Кырда жылкы бакканын.
Жазгы туут маалында
Көрбөйсүң тынчып жатканын.

## СЕЛКИНЧЕК

Жыпаркүлдүн селкинчек,
Чындап тепчи, келинчек!
Жыгылбастан маш болуп,
Кылдат тепчи, келинчек!
Бир-бириңе баа берип а,
Сындап тепчи, келинчек!
Миң центнер түшүм деп
Ырдап тепчи, келинчек!
Арыктан сууну ашырбай да,
Кырдап тепчи, келинчек!
Милдеттенме алганбыз да,
Биз болбойлук эринчек.
Арбын иштеп, аз ойноп а,
Антыбызга берилсек.
Адамчылык калабы да,
Бул мелдештен жеңилсек?
Баатырлар келсе кубанбайбы?
Биз да эпкиндүү көрүнсөк.
Той үстүнө той болуп да
Толкуп нурга чөмүлсөк!
Канымбүбүнүн селкинчек,
Качпай тепчи, келинчек!
Каркырадай катарың
Жазбай тепчи, келинчек!
Караңгыда жарыктай да
Жамдай тепчи, келинчек!
Кайрат, күчтү бул мелдешке
Арнай тепчи, келинчек!
Качан жеңип бүткүчө да,
Талбай тепчи, келинчек!
Миң эки жүз центнер
Кызылчадан алабыз.
Тезекбайдын Шайырдан

Кантип артта калабыз?
Антыбызды актасак да,
Абийирди чоң табабыз.
Ашыгы менен бүтүрсөк да
Ардакталып барабыз.
Курбубуз келсе, жоо жеңип да,
Кубанычка канабыз.
Гүлайымдын селкинчек,
Күүлөп тепчи, келинчек!
Кетмениңди курчутуп да
Бүлөп тепчи, келинчек!
Мелдеш үчүн жаныңды да
Үрөп тепчи, келинчек!
Артта калды алдыңкың да,
Сүрөп тепчи, келинчек!
Келин менен мелдешип да,
Кыз теппейби, селкинчек?
«Токушжандын звеносу
Толук чыкты» — дедирсек.
«Күлайымдан мурда иштеп,
Болуп чыкты» — дедирсек.
«Кыз жеңиптир келинди» деп,
Кыргыз элге билинсек.
Агайлар келсе, жоо жеңип да,
Алдынан тосуп гүл берсек.
«Кыргыздын кызы Күлай» — деп
Кызмат менен көрүнсөк!

# КОШТОШУУ

Эң акыркы номерде
Эл менен кетсек коштошуп,
Аял, эркек артисттер
Элиңе келдик топтошуп.
Айтып берди күйгөндөн,
Ар түрлүү обон козгошуп.
Айтканыбыз жараса,
«Артисттер кайра келсе» — деп,
Агаин калар жоктошуп.
Тамаша маалы бүткөн соң,
Тарашкан жакшы достошуп.

Аралап келдик, туугандар,
Ак калпак кыргыз жергени.
Ар жерден көрдүк жолугуп,
Ак ниет малчы, ферманы,
Күжүрмөн ишин аткарат
Гүлдөгөн совет элдери.
Ашыра бүтсүн эртелеп
Сары май, быштак, жүн, тери.
Белсемдүүлүк иш болот
Пландын эрте бүткөнү.

Фермалар ишин жөндөсүн,
Эгиздеп малың төлдөсүн.
Жакшылап баксын малчылар,
Жалгыз да улак өлбөсүн.
Бейбаштар зыян кыларын
Фермалар кантип көрбөсүн?
Алдатып коюп биреөгө,
Айырбашка малынан
Астыртан кармап бербесин?

Коомдук малга кол салып,
Кокустан көрүп калбасын,
Калк сотунун тергөөсүн?

Эртелеп эгин айдалсын,
Алышың бекем байлансын,
Звеновой, бригадир
Мыкты адамдан шайлансын.
Жайкы сугат ишине
Жарамдуу киши шайлансын.
Трактор, соко жарышып,
Талаанын бети жайнасын.
Мелдештен чыгып балбандар,
Эл ичинен байге алсын.

Арыгы терең казылсын,
Үкуму тегиз чачылсын.
Пайдасын эске алышып,
Планынан ашырсын.

Азырак айтып кетейин,
Айылда кыздар, келинге,
Эринишип тил албай,
Эмгекке чыкпайт дедирбе!

Кубаттуу жаштар болгон соң,
Курулай иштен эринбе.
Көчөдө жалгыз кылактап,
Курусун жалкоо дедирбе!

Окуп жаткан балдар бар,
Үйдө жаткан карган бар,
Үй кынуусун алган бар.
Ар ким өзүн чактасын,
Жумушсуз бекер жатпасын.

Эпкиндүүнүн эмгегин
Эсепчи туура каттасын.
«Калемдө кетип калды» — деп,
Кай бирөөгө сатпасын
Эмгекте [illegible]
Элдин баары мактасын

Эң карымын дегендер,
Эчки-улак кантип бакпасын?
Бекеринче бош жатпай,
Берген антын актасын!

Эркек, аял кужурмөн,
Эртелеп ишке күтүнгөн,
Бөлүп берген нормасын
Ардайым ашык бүтүргөн,
Кырман басса күн-түнү,
Кызылды тоодой түшүргөн,
Антын актап талыкпай,
Арбын алган түшүмдөн,
Аял, эркек колхозчу,
Баарыңар менен коштошом.

Калкына нуска нарк айткан,
Үлгүсүн элге таркаткан,
Көпчүлүк үчүн бел байлап,
Көсөмдүк кызмат аткарган,
Колхоздун ишин бүтүргөн
Карыдым деп жатып албастан,
Кажардуу нечен кары бар,
Эгин айдап, мал баккан,
Кайратын элге көрсөтүп,
Үймөк үйүп, чөп чапкан,
Жаштарга жагып кыялы,
Жалпы журту баркташкан,
Касиеттүү ак сакал
Карылар менен коштошом.

Эркек, аял, кары-жаш,
Элим үчүн коштошом,
Эмгектен баатыр сулуу кыз,
Демиң үчүн коштошом.
Эпкиндүү болуп атыккан
Келин үчүн коштошом.
Эже-сиңди курбулар,
Теңим үчүн коштошом.

Комсомолка, комсомол
Балдар үчүн коштошом.

Колхозго толук күч берген
Балбан үчүн коштошом.
Ата-энесин багуучу
Ардагы үчүн коштошом.
Эркелеткен өзүмдү,
Эп кылган айткан сөзүмдү,
Эриктирбей ойногон
Жалжал үчүн коштошом.
Ударник болсо кыз-жигит,
Урмат менен достошом.

Секретарь сельсовет
Башчыларга коштошом.
Башкарма менен парторгум
Жакшыңарга коштошом.
Бухгалтер менен табелчи
Катчыларга коштошом.
Звеновой, бригадир
Ат токунуп, эл жыйнап
Чапчуларга коштошом.
Эки эсе эмгек күнүгө
Тапчуларга коштошом.
Төрт түлүк малды өстүрүп,
Бакчуларга коштошом.
Эгинден бир дан алдырбас
Сакчыларга коштошом.
Кыдырып жүрүп колхоздун
Баарысы менен достошом.

## БЕШИК ЫРЫ

Комуз чертип, ырдаган
Акын болор бекенсиң?
Колотуп жоону качырган
Баатыр болор бекенсиң?
Алдей, алдей, алдей ай,
Жакамдагы кундузум.
Алдей алдей алдей ай,
Башымдагы жылдызым.

Атаң жоодон келгенче
Эсен болор бекенсиң?
Айласын жоонун табуучу
Көсөм болор бекенсиң?
Алдей алдей, алдей ай,
Агасынын паанасы,
Алдей, алдей алдей ай,
Жоокердин сүйөр баласы.

Казатка Манас кеткенде,
Кош бойлуу калган Каныкей,
Душманды жеңип келгенде
Бешикте болгон Семетей.
Алдей алдей, алдей ай,
Кыраандын учкул канаты
Алдей, алдей, алдей ай,
Атакең элдин Манасы.

Аман келип атакең
Көрөр бекен, алдей ай?
Арнап тоюн сен үчүн
Берер бекен, алдей ай?
Алдей, алдей, алдей ай,
Атаң да келет, берекем!
Алдей, алдей, алдей ай,
Ардагымсың, көлөкөм!

## ТОКТОГУЛГА

Кызыл кырман кезинде
Кыбыладан соккон жел сонун.
Мейкин талаа өзөнгө
Бетегелүү бел сонун.
Жылкы, кой оттоор жайытка
Жылтыркан адыр жер сонун.
Күүлөнүп арыш урганга
Күлүк атка тер сонун.
Каз-өрдөк калкып, куу учкан,
Каңкылдап аңыр куушкан,
Шабырлуу чалкар көл сонун.
Субайга гүлдүү чөбү бар
Зоолуу жашыл төр сонун.
Калк үчүн болгон казына
Казсаң алтын кен сонун.
Байлоодо күлүк жоргого
Баштыктап илген жем сонун.
Бугу, марал, текеге
Булактуу чилик чер сонун.
Кыргыздын эли курдаса,
Кыйкырып Током ырдаса,
Мукамдуу күүсү сайраган,
Булбулдай тилин кайраган,
Бууданым Током, барыңда,
Баарыдан болдуң сен сонун.
Жыргалдуу ушул турмушта,
Жыйналган шайыр кыргызда,
Сайрап турсаң бар болуп,
Токо, болмок экен эң сонун.
Кыргыздын чарчы жыйынын
Кызыл тилиң эриткен,
Кошубактап черткенде
Комузуң кошо келишкен,
Күкүктөй үнүң таңшыган,

Күүңдү уккан жашыган,
Күлдүү кыргыз элиңе
Күлүстөн болдуң жашыңан.
Сөөлөтүң терең көлгө окшоп,
Сөздөрүң гүлдүү төргө окшоп,
Адамдын көөнүн кубантып
Абаның жайкы желге окшоп,
Калкыңдын жарпы жазылган
Казганы алтын кенге окшоп,
Арнайбыз, Токо, бул сөзду
Агабыз сени биз жоктоп.

Жайлоонун жашыл төрүндөй,
Жайкалган тунук көлүндөй.
Жарашыктуу заманга,
Током, жаш кезинде көрүнбөй,
Үлгүңдү алган иниң көп,
Кымбаттуу Током, өзүңдөй,
Жолуңа түшүп ырдайбыз,
Жомогуңду айтып эринбей.
Өзүңдөн нуска алганбыз,
Өзөндүн сыргак желиндөй.

## ЭЛИ СОНУН КЫРГЫЗДЫН

Жайлоосуна мал толгон,
Жакасы түрлүү дан болгон,
Талаасы жазык кең болгон,
Ташынын көбү кен болгон,
Сары алтыны, күмүшү
Сайдагы ташка тең болгон,
Ар өзөнү — кара алтын,
Айдап алат ак алтын,
Апийим, пахта, кызылча,
Адамга керек — баары алтын
Жери сонун кыргыздын.

Коргошун, күкүрт жези бар,
Туз шибилит, нефти бар.
Казып алса, түгөнбөс
Катарлап жаткан кенчи бар.
Адамга баары табылат
Кени сонун кыргыздын.
Шабырын аккуу ээлеген,
Жээгине кыргоол жердеген,
Балык, кундуз, каз өрдөк
Ойносо, жүзүн бербеген.
Кемелери шаркылдап,
Келин-кыз түшүп салкындап,
Ар тараптан жел болсо,
Ак өркөчтөп шарпылдап,
Канча жүк болсо жеткирип,
Караңгыда жаркылдап,
Чатыркөл, Соң-Көл, Ысык-Көл —
Көлү сонун кыргыздын.

Жайлоосу даңктуу кең Алай,
Арпа, Соң-Көл, чоң Аксай

Суусамыр, Балгарт, Тарагай,
Көк-Ойрок, Солтон-Сары дейт
Көк-Торпок, Арча, карагай
Кара-Кужур, Кара-Саз,
Кымызын ичсе, болот мас.
Кең Каркыра, Чаар-Жон
Буларда болбойт эч бир таш.
Төрт түлүк малдын жайыты
Төрү сонун кыргыздын.

Булбулу таңшып багында,
Мөмөсү бышып шагында,
Жийденин шагы ийилген,
Жибегин кызы ийирген,
Алманын шагы ийилген,
Аялы пахта ийирген,
Асманга учу тирелген
Ак элечек тоосу бар,
Ак шумкар уя жасаган
Аскасы бийик, зоосу бар.
Сымаптай тунук шар аккан
Өзөнү сайын суусу бар.
Көлүндө калкып ойногон,
Тайлактай мойну койкойгон,

Татынакай куусу бар.
Кашаты сайын оргуган
Кашкайган булак сазы бар.
Кара суусун бойлогон,
Катарлаш учуп ойногон,
Кашкалдак, өрдөк, казы бар.
Карагай, арча, кайың, тал
Карагат, мисте, алча бар.
Жаңгак, жийде, алма, өрүк
Жапан жемиш канча бар.
Жайлоосу салкын чөлү ысык
Жери сонун кыргыздын.

Эгин айдап, мал баккан,
Эмгектен арбын күн тапкан,
Кызылча, пахта, жибектен

Кошумча акы пул тапкан.
Карысы нарктуу, жашы өткүр,
Аялы сергек, кызы гүл,
Ар намызын ойлогон,
Ар ишин бүтпөй койбогон.
Айыгышкан жоо болсо,
Аман кетпей сойлогон.
Антка бекем, шер жүрөк,
Алп мүчөлүү, муз билек,
Дөөлөтү мол, меймандос,
Таң-тамаша оюнпоз,
Эли сонун кыргыздын.

## КЫРААНЫМА

Бир жашоого убадам бар өлгөнчө,
Сагынармын нур жүзүңдү көргөнчө.
Бир өзүңдүн амандыгың тилеймин,
Сак саламат сапарыңдан келгенче.
Аянбастан күнү-түнү иштеймин,
Айыгышкан душманыңды жеңгенче.

Көөнүм бирге, кантип күдөр үзөмүн,
Көз жумулса, көп санаага түшөмүн.
Кекенишкен душманыңды мокотуп,
Кечикпестен келериңди күтөмүн.
Көөнүм сүйгөн өмүрлөшүм сен турсаң,
Көөнүм сүйбөс кимге көзүм сүзөмүн.

Ушул катты өзүңө арнап беремин,
Убадам бар, унутулат дебегин.
Эртели-кеч, жатсам-турсам тилеймин
Эрегишкен канкорлорду жеңериң.
«Ашыгыңдын амандыгын билсин» — деп,
Ардагыма арнап жазган белегим.

Ардагыма ушул катты арнадым,
Аябаймын колдон келген жардамым.
Жазган катты окуп алып кубанып,
Фашисттердин башын жара кармагын.
Барган жооңду басып алып багынтып,
Баатыр болуп кайтсаң болду, балбаным.

Эмгек кылып тылда жүрөт ынагың,
Эрдик кылып жоодо жүрөт тынарым.
Күндүз, түнү иштеп жаткан ишимдин
Көпчүлүгүн сага жардам кыламын.
Желбиретип кызыл тууну колго алып,
Жеңиш менен келе турган, кыраанымl

## МАЙ МАЙРАМЫНА

Май келди нурун чачып жаркыраган,
Жай келди мөңгүдөн суу шаркыраган.
Гүлкайыр, байчечекей гүлдөр жайнап,
Аяздуу кыш жоголуп алсыраган.

Ушул май — кырк бешинчи жылдын майы,
Урматтуу элибиздин күткөн айы.
Алтын туу, кызыл байрак кылкылдаган,
Асман жер нурга балкып бүткөн айы.

Майрамдап, байрак жайнап чыккан айы,
Майданда бар душманды жыккан айы.
Мал төлдөп, бакча гүлдөп, балбан чамдап,
Мөөрөйдү баатыр элим уткан айы.

Талкалап жоону сүрдү кыраандарым,
Талыкпай катуу сокку бериш менен.
Толкундап алдын тосуп куттуктайбыз,
Той берип, той үстүнө эгиздеген.

## ЖЕҢИШ ЖЫЛЫ

Карылар белин курчанып,
Мал багуучу жыл ушул.
Колхоз, совхоз чамданып
Камдануучу жыл ушул.
Эркек-аял эртелеп,
Чамдануучу жыл ушул.
Эпкиндүүлөр арадан
Тандалуучу жыл ушул.
Эмгегиң кызыл баатырга
Арналуучу жыл ушул.

Комбайндар, трактор
Күрүлдөөчү жыл ушул.
Гүл сайынып жер бети
Күлүңдөөчү жыл ушул.
Күрөштүн оту күч алып
Дүрүлдөөчү жыл ушул.
Баш көтөртпөй фашисти
Жүлүндөөчү жыл ушул.

Чарба малдар чатырап
Семирүүчү жыл ушул.
Жарыштан байге алууга
Тeминүүчү жыл ушул.
Аргымактар кермеде
Семирүүчү жыл ушул.
Аскерге тандап күлүгү
Берилүүчү жыл ушул.
Ашыра бүтүп планды
Көрүнүүчү жыл ушул.
Алдастаган фашисттин
Көмүлүүчү жылы ушул.
Күндөн-күнгө күчүбүз
Өнүгүүчү жыл ушул.

Өз милдетин өрчүтүп,
Аткаруучу жыл ушул.
Балбандын күчү талкалап
Таш жаруучу жыл ушул.
Баатырдык жолун үйрөтүп
Машталуучу жыл ушул.
Фашисттин башын кылайтпай
Как жаруучу жыл ушул.

Жаш кыраандар жаракты
Байланышкан жыл ушул.
Ата Мекен конушун
Кайтарышкан жыл ушул.
Алдастаган душманды
Алдына салып кубанып,
Кызыл кыраан баатырлар
Майтарышкан жыл ушул.

Жер бетинде кызыл туу
Жайнап турган жыл ушул.
Жеңиш ырын акындар
Сайрап турган жыл ушул.
Желмогуз фашист душманды
Жерибизди бастырбай,
Кызыл кыраан шумкарлар
Желаргы кууган камгактай
Айдап турган жыл ушул.

Убактыны минутка
Бөлө турган жыл ушул.
Өзүн-өзү кызматка
Чеге турган жыл ушул.
Бар керегин аскердин
Бере турган жыл ушул.
Бала дебей, чоң дебей,
Баарыбызга сын ушул.
Талаанчы Гитлер бетбактын
Тамырын жулар жыл ушул.
Пролетар күчүн бүт дүйнө
Көрүп турар жыл ушул.

# КУБАНЫЧТУУ ЖАҢЫ ЖЫЛ

Кырк бешинчи жыл кетти,
Кыйла жеңиш тапшырып.
Кымбатчылык жоголуп
Кыш чилдени жаз кылып.
Кыраандар келген кубанчы
Кымыздан бетер мас кылып.
Кыйкырып ырдап жеңишти
Кыз-келин күлүп каткырып.
Майданда жеңген баатырлар
Бар элдин көөнүн шат кылып.

Эми, жаңы жыл келди жалтырап,
Жаңылык күндө артылат.
Жаралды совет калаасы
Күзгүдөй тунук жаркырап.

Кубанычтуу жаңы жыл
Кулпунтат жерди гүл менен,
Кулакка сүйкүм сонун күү
Кубантат мукам үн менен,
Шаардын көркү шаңдалат
Шайыдан кооз түр менен.
Жыгачтын көркү көрүнөт
Жалбырак, мөмө, бүр менен.
Жаштардын көркү артылды
Жаралып эки дүйнөдөн.

Чарбанын көркү ачылды
Таза кандуу төл менен,
Каналдын көркүн көрөсүң
Кулпунган жашыл чөл менен.
Күндө жеңиш, күндө той
Күлүктөр кетпей көрмөдөн.

Эригип калган дыйкандар
Эмгекте бермет тер менен.
Балбандар алды орденди
Баарыга керек кен менен.
Курулган иштин мүүнү жок
Кубанычтуу дем менен.

Урушар жоону жок кылып,
Уулдар көрдү үйлөрүн.
Убайым көрүп кубанып,
Урматтап алды сүйгөнүн .
Телмирип жүргөн далайлар
Териште бактын гүлдөрүн.
Түпөйил жоону талкалап,
Кулпусун ачтык дүйнөнүн.

Жаңы жыл, элим, сүйгөн жыл,
Жазы ишибиз жемиштүү
Жер-асман бизге ийген жыл.
Эзилген эрдин колуна
Эрки өзүнө тийген жыл.
Социал жарыш артылып,
Ат кекүлүн шүйгөн жыл.
Иштеген иштин баарысы
Ийгилик доорун сүргөн жыл.
Катасы болсо, кечирер,
Калкыма айткан терең сыр.
Куттуу болсун элиме,
Кубанычтуу жаңы жыл!

## ӨЧ АЛДЫК

Жалындуу согуш чыкканда,
Жалгызы кеткен урушка.
Жан аябай иштеген
Жалпы кирип жумушка.
Паана кылар бүлө жок
Баш ийген түпсүз турмушка.
Баары ачылып кубанган,
Балдардын катын угушса
«Жеңишин көрүп элимдин,
Анан бир көзүм жумулса» —
Деп тилеген буркурап
Сексенде кемпир, абышка.
Аппак сакал ата-эне
Чалдардын өчүн алдык биз.

Атанын жүзүн көрө албай
Апасы эмгек бере албай,
Эндиреп үйдө калуучу.
Эркинче эмгек эме албай,
Тылда иштеген энеси
Тынчтанып сүйүп өбө албай,
«Атакең келет» — деп койсо
Анын да жайын биле албай.
Алая карап олтурган,
Ачылып шаттуу күлө албай.
Турмуштун көнгөн шартына
Туйгундан калган каралды ай.
Жетимдик түшүп муңайган
Жети жашта, бир жашта,
Балдардын өчүн алдык биз.

Ажыдаар менен алышкан,
Аянбай мыктап салышкан,

Автомат, бомба, замбирек
Аралаш тийип талыткан,
Ата Мекен согушта
Аяк-колун таарыган,
Ардактап багып өкмөт,
Ажалдан аман калышкан,
Энеден эки туулуп,
Эл-жерин кайра табышкан,
Ар-намыс үчүн аянбай,
Ардактуу белги алышкан,
Майып да болсо, тылда иштейт,
Бар кызматка машыккан
Аксак, чолок, эр жүрөк
Балбандын өчүн алдык биз.

Эл үчүн жанын арнаган,
Эрк үчүн жалын кармаган,
Асманда, жерде, деңизде
Ак шумкардай чамдаган,
Аралап жоого киргенде,
Ак болот кылыч камдаган,
Алты күн жоону кырса да,
Арыбаган, талбаган,
Алдынан тоскон ажалдан
Айнып тура калбаган,
«Ардагым курман болду» — деп,
Ата-энеси зарлаган,
Аялы менен балдары
Арманын кошуп сайраган,
Кан майданда мерт болуп,
Ажалдын тору кармаган,
Ар-намыс үчүн жан кыйып,
Айнектей көзү жумулуп
Калгандын өчүн алдык биз.

Кызыл-тазыл гүлдөгөн,
Кызыгы сонун дүйнөдөн,
Билимдин кенин казышып,
Кыз-келин миңдеп дүрбөгөн,
Четтен келген адамдар,
Ченине келсе, сүрдөгөн,
Жемиши менен бакчасы

Жер майышып бүрдөгөн,
Фабрик, завод жаркырап
Балбандар иштеп миңдеген,
Түнкүсү жарык электр —
Көрбөгөн адам күн деген,
«Табигат өзү курбаса,
Бул шаарды салган ким?» — деген.
Ушуга ыплас колун тийгизип
Ырыссыз Гитлер жинди экен.
Фашисттер басып киргенде,
Панардай түсү кирдеген,
Көркү кетип томсоруп,
Көп калаалар жүдөгөн,
Ленинград, Харьковдой
Смоленск, Киевдей
Шаарлардын өчүн алдык биз.

Айчыктуу туусун аштаган,
Аскерин жоого маштаган,
Ааламды каптап, өрт күйсө,
Акылынан шашпаган,
Атака коюп киргенде,
Алты сан боону жанчтаган.
Кылкылдап жаткан душмандан
Кылчайып кайра тартпаган,
Дүбүртү жерди теңселтип,
Дүйнөнүн эли мактаган,
Толкуну катуу дарыядан
Токтолбостон аттаган,
Жан алчудай танкадан
Жамаатты аман сактаган,
Эр Панфилов, Дүйшөнкул,
Эл баатыры — мына бул,
Дүйшөнкул жана Чолпонбай —
Чөнөмдө жок эр ушул.
Жыйырма сегиз баатырлар —
Жырткычтын жолун тоскон уул.
Так ушундай берендер,
Даңк алган кыраан согушчул.
Эркиндүү элдин кыраany
Эмгегин калкы унутпас
Эрлердин өчүн алдык биз.

Ардактап эне-атасын,
Алардын алып батасын,
Бозортпой багып олтурган
Колунда чөргөп баласын,
Күрөшкө арнап, күч берип,
Гүлдөтүп колхоз талаасын,
«Үлгү үчүн эрдик кылса» — деп,
Күн-түнү тилеп уктабай,
Күйөөсүнүн аманын,
Жамандык жолго шилтебей,
Жаштык кылып кадамын,
«Кубат болсун» — деп жазып,
Курбусуна саламын,
Камы үчүн иштеп тынбаган
Кайната, кемпир, баланын,
Кырк жети ай жолду тиктеген
Кыйбатын тартып санаанын,
«Кыяматтык жолдошум
Көрөмбү — деп,— караанын?»
Кызыл өңү кубарган,
Кыраанын санап муңайган,
Кыялын бузбай жаркылдап,
Бүркөбөгөн кабагын,
Ай чырайлуу, аркар көз
Келиндин өчүн алдык биз.

Оттуу түтүн чаң болгон,
Үзүлбөй кызыл кан болгон,
Өрттөнүп токой жемиши
Өсө албай шагы дал болгон,
Бомба тийген жерлери
Бута бою аң болгон,
Танкалар жыртып кыртышын,
Талаалар жүдөп кар болгон,
Замбирек тийип аңтарып,
Санат жеткис жар болгон,
Тоонун барын чаң басып,
Топурак учуп, чөл болгон,
Толкунунан уруштун
Токтолуп суулар көл болгон,
Тепселип, кыйрап караган,
Тегизделип жол болгон,

Арпа, буудай эгиндер,
Аңызда чирип кор болгон,
Аламан катуу урушта
Аш-тамак калып көң болгон,
Ой жерлер толуп өлүккө,
Дөңсөө менен тең болгон,
Кутурган иттер басканда,
Кумсарып кейип, дел болгон,
Куллунган куттуу ырысы
Жеримдин өчүн алдык биз.

Фашисттер басып алганда,
Багынбастан урушкан,
Канкорлор кыйноо салганда,
Кажыбай кайрат кылышкан,
Ар-намысын бек кармап,
Ажалга чыдап турушкан,
Жазыгы жок далайды
Жан алгыч фашист муунткан,
Малча айдап, киши союуга
Майданек — фабрик курушкан,
Балдарын желдет сойсо да,
Партизанга уюшкан,
Советтин бирдик күчүнөн
Санаасын бурбай тырышкан,
Жаңы курал жасоого
Жараган орус улуттан,
Айласын тапкан душмандын
Акылман эмгек жумуштан,
Катюша сындуу куралды
Канкорду көздөй сунушкан,
Атканда жоодон сүр кетип,
Айбаттуу үнүн угузган,
Ажалы болуп фашисттин,
Айласын жаман куурулткан,
Гранат алып, жол тосуп,
Киресин нечен кырышкан,
Төрт жылга чыдап жоо жеңдик,
Тарыхта болбос уруштан,
Эч ким мөрөй алчу эмес
Эзелден баатыр орустан,
Эсепсиз тулпар ат берген,

Эгин, пахта, кант берген,
Төрт түлүк малдан эт берген,
Жылуу кийим бүт берген,
Тылды чыңдап, күч берген,
Тынбай иштеп бүткөргөн,
Кең СССР аймагы
Жетимиш эки улуттуу
Элдин өчүн алдык биз.

# ТОКТОГУЛДУН ЭЛЕСИ

Чарчы боюң, тереӊ оюӊ элестеп,
Чагылгандай таамай ырың кеңеш деп,
Чарчабаган анык тулпар, Токтогул,
Жазгым келет эмгегиңди мен эстеп.

Атка минсең ак кыргыйдай чыкыйган,
Алтын сака өкчөгөндөй зыкыйган.
Обон салып комузуңду черткенде,
Ар борумуң алгыр куштай кыпыйган.

Жарык жүздүү жаркыраган маңдайың,
Жаңырыктуу жез комуздай таңдайың.
Татык тилиң эл көңүлүн эриткен,
Жаш-карыны кумарлантат ан сайын.

Жакут сындуу жалтылдаган көздөрүң,
Жалпы эл үчүн жарактуу ыр издедиң.
Бай-манапка балта сындуу тийчү эле
Жалтанбаган жалындуу курч сөздөрүң.

Кызыл тилиң курч калемдей ирмеген,
Кызыгыңа кыргыз эли дүрбөгөн.
Ар бир сөзүң алма, жүзүм шагындай
Кызырканып кыз-келиндер гүлдөгөн.

Топ сакалың тоту куштун жүнүндөй,
Добушуң чыккан тоо булбулдун үнүндөй.
Канаттарын кайчылантып таранган
Казга тойгон каса шумкар түрүндөй.

Акындарга сабак бердиң ыр менен,
Ачык, шайыр, ак ниеттүү сыр менен,
Ак калпактуу кыргыз элин аралап,
Обон салдың алда канча түр менен.

Торгой илген жагалмайдай дуулдап,
Тоодак тепкен ылаачындай шуулдап,
Комуз алып, ойку-кайкы ойнотсоң,
Оң колуңдун мууну жоктой зуулдап.

Көчөдөгү боз жоргодой зымырап,
Көктөмдөгү булбул куштай жыбырап,
Сол кол менен кылды басып кайырсаң,
Уккан элдин тула бою чымырап.

Шакирттериң шаңшып чыкты улардай,
Санатыңды санаасынан чыгарбай,
Акындыктан алтын орден сый алган
Алымкул, Калык булбул өстү булардай.

Эмгегиңди эстеп катка жазабыз,
Эрте-кеч жок, элиң алга басабыз,
Эл ичинде эрдин атын өчүрбөй,
Элестетип кеткендерди жоктоого
Эрик берген улуу Ленин атабыз.

# АСАН-ЖАМАЛ

## (П О Э М А)

### *БИРИНЧИ БӨЛҮМ*

Жыл эле миң тогуз жүз он алтынчы
Николай ак падыша сурап турган.
Залимдин зардабынан чыдай албай,
Жаны ачып уруш кылды кыргыз буган.
Колунда курал-жарак аз болсо да,
Коркпостон шерлендирди теңдик ураан.

Кыргыздын куралы бар: шуушаң, канжар,
Милтелүү бараң мылтык, чочмору бар.
Ат коюп, аралашып кирмейинче,
Алыстан айла кылар жарак кайда?
«Күлүк ат, баатыр жигит элди коргоп,
Күүлөнүп окко чапчу ушундайда» —

Деп, айтып карыялар баштап кирди,
Баатырлар ат күлүгүн тандап минди,
Найза алып, жеңин белге кыстарышып,
Берикбайдай аксакалдар жоодо жүрдү.
Аралап аткан октон жалтанбастан,
Солдатты сапырылтып кайра сүрдү.

Асандын жашы жеткен он тогузга,
Жумушкер Мишка деген бай оруска.
Өлүптүр эне-атасы жаш кезинде,
Жетимдик муунун кескен ошол кезде,
Мишкада орус-кыргыз алты малай
Жүрүшкөн чөп чабышып, талаа түздө.

Кордукту эстеп Чодур жашып кетти,
(Түтүнү папиростун бур-бур этти.)
Чодурдун кейип турган түрүн көрүп,

«Айтсам» — деп, Асан ойлойт ички кепти.
— Чодуке, кетсем кантет өз элиме?
Ата элең, акыл айтып, жооп берчи!..

Билесиң, Асан жетим, өзүм жалгыз,
Башта эле уруучу эле эстен калгыс.
Ушундай катуу капшап болуп турса,
Мишкадан өлүп калар Асан байкуш.
Жазыксыз бир топ кедей өлүп кетсе,
Ойлоңуз, сиз үчүн да болбос дурус.

Унчукпай Чодур турду башын чайкап,
Турмуштун оорлугун терең байкап,
«Жиндеnce, Мишка залим булар түгүл,
Кедей деп кези келсе, мени жанчат» —
Деп ойлоп «жаш кырчындар сынбасынчы»,
Асанга Чодур сырын азыр айтат.

«Ай Асан, бул тургандар — баарың кыргыз,
Кыстаган баарыбызды чиркин турмуш.
Падыша башын жутсун, акыйкатсыз,
Жок эле кыргыз элде эч бир кылмыш.
Өзүң бил, кеткиң келсе, кош айтышам,
Оң болсун маңдайыңда бакты жылдыз.

Мына күн жакын калды батарына,
Сен да ойло мени агалык катарына.
Өлбөсөк бир убакта көрүшөбүз,
Тилек бир — эриктүү таңдын атарына.
Мишка да Мурзаалыны өлтүргөн бейм,
Калбайлык канкор иштин чатагына» —

Деди да, Чодур бүттү айтып сырын,
Чакырды Асан дагы жолдошторун,
Чодурдан азыр укту булар дагы
Мишканын Мурзаалыны жоготконун.
Төрт бала ыйлап турду каны качып,
Билдирип бай Мишкадан чын корккону.

— «Ыйлаба, жолдошторум, муунуң бошоп,
Адамга кайрат жакшы, кубат кошот.
«Коркоктун ыйманы жок» — деген сөз бар,

Болотту ташка чапса, калбайт мокоп.
Жигитке бак тобокел пайда берет,
Кай бирөө өз оюнан өзү коркот» —

Деп, Асан үч балага кайрат берди
Чодур да кошулушуп «туура» деди.
— Өзүң бил, кетсең, койсоң деп жатамго?
Ким болсо, сагынбайбы тууган элди?
Айта бер сөзүң болсо, Асанжан! — деп
Чодурдун чын көңүлдүү мээри келди.

— Чодуке, бул төртөөбүз жашпыз коркок,
Кечиргин, айткан сөзүм болсо чоркок.
Качандыр аман-эсен жүз көрүшсөк,
Жаныбыз бешөөбүздүн болсун орток.
Чодуке, мылтыгыңды бизге бергин,
Чыгарбыз колкосуна тирүү болсок,—
Деп айтып, Асан сөзүн бүткөн кезде,
Чодур да жок дебеди моюн толгоп.

Олтуруп, суу ичишип, бөлкө жешти,
Ойлогон сырларынын түйнүн чечти.
Асанжан тура калып Чодур менен
Өбүшүп, кучакташып, бой теңешти.
Бир-бирден кол кармашып, жашын төгүп:
«Саламат, аман-эсен болгун!» — дешти.
Антташып Чодур менен бул төрт бала:
— Атабыз бир өзүң,— деп жөнөп кетти.

## БОЗ ДӨБӨ

Караса күн да шашке болгон экен,
Ойлонот, бул чукурга кайдан келген?
Тердешип, уктап жатат жолдоштору,
Бул жерди Асан мурда эч көрбөгөн.
Көрүнөт бир боз дөбө жогор жакта,
Кол менен жасалгандай талаа жерде.

Көрүүлөр, кеңири төр башка-башка,
Керилет улуу тоолор, бийик аска.
Буртулдап бир чаң чыгат кара жолдон,

Берилеп келе жатат карап жатса.
Жакындап боз дөбөгө бура тартып,
Камчы уруп арыштатты чоң кара атка.

Толкундап Асан карайт тегеректи,
Ойлонсо, адашкандай, жердин кейпи.
Шашылып жакындаган чаңды көрүп,
Ойготуп жолдошторун «тур-тур» — деди.

Төрт бала терин сүртүп, көзүн арчып,
Чочунуп, мемиреген уйку качып.
Түрсүлдөп жүрөктөрү өрөпкүгөн,
Асанды балдар карайт жалдырашып.
«Кандай чаң, көргүлөчү тетиги чаң?
Куугандай жок жоготуп катуу шашып».

Деп,— Асан биз көрүнбөй карап жатсак,
Душманды жакын келсе, таамай атсак.
Алыстан бизди көрбөй, өтүп кетсе,
Биз дагы бул дөбөдөн жер чардасак.
Эс алып, ач болсок да, бүгүн жатып,
Канетет түн киргенде тоо таянсак?

Бул сөздү жолдоштору макул дешти,
«Асан, сен кароол карап жаткын» — дешти.
Жулушуп куурай, шыбак куусаң чөптөн,
«Үстүңө муну оронуп жапкын» — дешти.
Кара атчан боз дөбөгө чаап чыккан,
Таанышып «Мишка экен» деп күбүрөштү.

«Ой балдар, мындай орус көп эле — дейт —
Мишканын кемсел, шымы көк эле — дейт.—
Көрсөткөн ой-чуңкурду чокусунан,
Бул кандай түрү суук дөбө эле?» — дейт.
Төлөштүн коркконунан оозу тынбай,
«Өлдүк го, Мишка көрсө, эми эле!» — дейт.

«Жата бер, жаагың сынгыр, жабырабай!
Жаман сөз оозуңа алып, бабырабай.
Жатабыз биз да көрүп Мишке экенин,
Салат го турнабайын бизди карай?»
Төлөштү кабыргадан катуу чымчып,
Карагул: «тим жат,— деди — кыбырабай!»

Белендеп куш атарын алган Асан;
Тобокел, жакын келсе, жазбай атам.
Дебөдө турнабайын көзгө салып,
Көп турду, Мишка келип алда качан.

Мишка да тегерекке көзүн салды,
Балдарды чөп жамынган көрбөй калды.
Аттанып обочодон чаап барып,
Чоң жолдон төрт баланын изин чалды.

Бир азга улуу жолдон карап туруп,
Бет алып, күн батышка кетти жүрүп.
Бул балдар баш көтөрүп турган кезде,
Тоо жактан бир жөө адам келди түшүп.

Кеч кирип, күн батарга жакындады,
Боз түшүп, мунарланды закымдары.
Карды ачып, кабырылып жаткан балдар
«Кеч болду, кетсекпи?» — дейт акылдары.

— Курбулар, азыр эрте, шашпагыла,
Байкайлык тиги адамдын басканына.
Кокустан, душман болуп бизди көрсө,
Өзүңө-өзүң чукур казбагыла.

Көрүнбөй, алдын тосуп, мен барайын,
Ким экен, таанып калсам, үн салайын.
Жашынып калың буудай арасына,
Эгерде, душман болсо ок атайын.—

Деп, Асан балдарга айтып, жөнөп кетти,
Келаткан жөө кишиге жакын жетти.
Караса, Чодур досу кызыл-ала,
Жанчылып канап жүрөт мурду, бети.
— Чодуке, жол болсун,— деп тура калса,
Чодур да селт дей түштү, чыгып эси.

— Ой Асан, кайда жүрүп, кайдан келдиң?
Кабарын биле алдыңбы кыргыз элдин?
Силерди кыйбастыктан кетирем деп,
Мешкеден Чодур досуң, таяк жедим.
«Куулуктан төрт кыргызды куткардың» — деп,
Бетимди Мешке жарды түндө менин.

Өлсөм да, мейли, досум, мен сен үчүн,
Кете албай, сенин кандай бул жүрүшүң?
«Таап кел, кайда болсо, балдарды» — деп,
Чыгарды Мешке шайтан менден күчүн.

Жиберди «ойду-тоону карагын» — деп,
Аттанган Мешке да «издеп табамын» — деп.
Асынып кылыч, мылтык, турнабайын,
«Табылса, баарын кырып саламын» — деп.

Чочуба, Асан досум, нандан жегин,
Үч бөлкө сага арнап ала келдим.
Көрүнбөй, күндөп-түндөп тоо таянып,
Жете көр аркасынан качкан элдин.

Чодуке, мына нан деп тиштеп алып,
Өлбөсөм, ант ушул дейт жута салып.
Кол булгап, жолдошторун «бери кел» — деп,
Чакырды Асан ыргып, тура калып.

Турушту Асан, Чодур кучакташып,
Өбүшүп бет-оозунан, моюн алышып.
Төгүштү көздөрүнөн мөндүр жашты,
Кайталап колдорунан бек кармашып.
«Өлбөсөк унутушпай жүрөлүк» — деп
— Кош! — дешип, жөнөп кетти, ажырашып.

## КАЙРАН ЖЕР

«Таң агарып сүрүлдү
Түрлүү куштар жыбырап.
Калың эгин, гүлдүү чөп
Башын ыргап кыбырап.
Таңкы сыргак сулуу жел
Талаанын бетин сыдырат.
Адырдын гүлдүү чөбүнөн
Атыр жыты бурулдап.
Мөлтүрөгөн тунук суу
Булагы сайын шыбырдап.
Тескейде түрлүү гүл өскөн
Төңселип макмал кубулат.

Терең сайлуу, кең өзөн
Тентек суу ташка урунат.
Өйүз-бүйүз эл консо,
Өңдүрдө малы чурулдап.
Адырда жүрсөм жылкы айдап,
Абан салып ыр ырдап.
Кыядан түшүп келатсам,
Кыз-келин турса жымыңдап.
Калк тынччылык кез болуп,
Карап бир өтсөм кымыңдап.
Кашкайган тунук сууларга
Кандай адам чумунат?
Кайран эл качан кетиптир
Кайрылып качан курулат?»
Деп кыңкылдап турганда,
Көңүлү түрлүү бурулат.
Таш калдырап күңгөйдөн,
Табыш чыгып угулат.
Жалт этип балдар караса,
Жарчада кийик чубурат.
«Карап тур, балдар, эми» — деп
Камынып Асан жумулат.
Жакын жетип, бир кезде
Жаш Асан мылтык сундурат.
Жабыла түшүп көк түтүн,
Жалп этип бирөө жыгылат.
Колотто калган балдарды
Кол булгап Асан чыкырат.
Балдар барып чогулуп,
Башына чыкты бийиктин.
Ал күнү түнөп жатышты,
Этин жеп аткан кийиктин.
Калкы жок ээн жер көрүп,
Капасын айтты күйүттүн.

Алды жагын караса,
Ысык-Көл жатат томсоруп.
Жээгинде кырка там турат,
Жесирсинип бозоруп.
Эгин, чөбүн ала албай,
Эл кетиптир козголуп.
Ээн жатат кайран жер,

Ээлеген киши жок болуп.
Жерди көрүп, балдардын
Жүрөгү ысыйт от болуп.

«Калкым кеткен турбайбы?
Кайран жерге туралбай.
Кагылайын, Ысык-Көл,
Казыңа шумкар куш салбай.
Кайгырбай, Асан канетет,
Капасын айтып муңайбай?

Жашын сүртүп көзүнөн
Жаш Асан: — балдар жүр! — деди.—
Жан көрүнбөйт кыргыздан
Жалгыздык биздин күн деди.
Жалама зоону этектеп,
Жаш балдар сапар жүрдү эми.

## МУҢДУУ ҮН

Кеч болуп күүгүм кирди, жол көрүнбөй,
Төрт бала тоодо жүргөн үч күн бирдей,
Түбүнө бир жар таштын жатып калды,
Күн жаады, жарк-журк этип алай-дүлөй.

Уйкуда балдар жатты чарчап келген,
Түшүндө Асан өзү учуп жүргөн.
Кандайдыр чочуп кетип тура калса,
Агарып, күн ачылып, таң да сүргөн.

«Ак барчын жолборс алдым учуп барып,
Түшүмдө бул көргөнүм айдан анык»—
Деп ойлоп Асан турса көргөн түшүн,
Угулду бир муңдуу үн доош салып.

Болжосо, бул муңдуу үн туура жакта,
Капчыгай, калың коргул жаңырыкта.
Адамбы, азыткыбы, кандай нерсе?
Үн чыкпайт, билейин деп жакын барса.

Аралап бадалдарды Асан кирди,
Байкастап, таш арасын карап жүрдү.
Үстүнө кийиз жапкан кыркасынан
Тизилген эми көрдү үч өлүктү.

Караса кыргыз экен кырка жаткан,
Кылыч жеп, кызыл канга булар баткан.
Жатышат күлүмсүрөп тирүүсүндөй,
«Бейиштен шейит го,— дейт,— даамын таткан».

Көрбөгөн Асан мурда мындай өлүк,
Жыйрылып колун тартты муну көрүп.
Кайрадан ачып көрүп, жашып кетти,
«Күнөөсүз ушул алга келдиң ээ?» —деп.

«Заман ай! Ой заман ай, адилетсиз!..
Залимге туш болуптур элим эрксиз.
Эл үчүн эрк талашып шейит болду ээ?
Ээгичтер, бул кылганың эстен кеткис.

Элиме эркин заман болор бекен?
Жерине элим келип конор бекен?
Томсоруп кала берди Ысык-Көлүм,
Жээгине жергелүү калк толор бекен?»

Деп, Асан жашын сүртүп карап турду,
Кол булгап, жолдошторго бетин бурду.
Төш жакка калың бадал, калкак таштан
Кыңкылдап назик чыккан үн угулду.
Жүгүрүп жетип барса бир кыз жатат
Чиркин ай үнү кандай өтө муңдуу!

Сүйөдү жаткан кыздын башын жөлөп,
Кыз дагы сүйөгөндү жакшы көрөт.
Жалт карап, көзүн сүзүп, улутунуп
Жеңинен уюган кан түштү өжөк.

Кыңылдап, кабак чытып, эрдин тиштеп
Кеберсип, тамшангансыйт кайра тиктеп,
«Ай шордуу, канга жуулуп каткансыган
Айтууга оюң бар го чалап издеп?»

Деп, Асан жолдошторун — «тез кел» — деди,
Асанга ажалсыз кыз кез келгени.
Жүгүрүп жолдоштору келатканда,
«Бөлкөдөн сууга чылап эзгин» — деди.

Чылаган чалапты ичип, кыз үшкүрдү,
Бербесин бендесине бул мүшкүлдү.
Төрт бала бешөө болду элсиз жерде,
Далдаадан мекен кылды бир үңкүрдү.

Канын жууп, тамак берет Жамал кызга
Тагдырдан таасир болду ажалсызга.
Ок тийип, кылыч тийген жерлерине —
Шишикке балыр тартты таратышка.

Жаткан кыз жакшы болду жаралары,
Байкашып ал-кубатын чамалады.
Сөз сурап, «жайың айтчы, карындаш» — дейт
Кайыптан кабылышкан агалары.

Жашооруп кыз баштады жатык сөздөн,
Башынан нечен түрлүү иштер өткөн;
«Жакада биз калганбыз, унаабыз жок,
Элибиз кабар кылбай, качып кеткен.

Он төртке жашым жетти, Жамал — атым,
Атадан экөө элек — жатындашым.
Эне-атам, он бир жашта бир тууганым,
Баары өлдү, тирүү калдым жалгыз башым.

Жаткызып, кыркасынан кийиз жаптым,
Жашынып, жан курусун, жалгыз жаттым.
Жатышат көмүлбөстөн «өлүктөр» — деп,
Жыгылды «мен кантем»? — деп төгүп жашын.

Барышып, балдар тапты бир кемерди,
Жарча таш, жаан тийгис бекем жерди.
Калкалап, калың үйүп чоң таштардан,
Бекитти алып барып өлүктөрдү.

Эртеси Жамал барып, көрүп келди,
Батасын куран окуп, берип келди.
«Кийимчен коёт» — дешип булар уккан
«Эл үчүн жоодон өлгөн шейиттерди».

## ТИЛСИЗ ЖОО

Төрт бала Жамал менен бешөө болду,
Күн-түндөп басып келген нечен жолду.
Шишиген бир ыптасы салмактанып
Жамал да мойнуна аскан сол жак колду.

Үч түнү суулар кечкен Жуукону ашып,
Күндүзү бекинишкен өргүп жатып,
Эки күн, эки түнгө даам сызбай,
Эндиреп олтурушту курсак ачып.

Мылтыгын Асан алып, басты тоого,
«Барайын адам жүрбөс аска зоого.
Чабыттап каптал менен жүрөйүн» — деп
Жазыктан көрүнөрмүн жатса жоого.

Келатат капчыгайдын түзү менен,
Кээ жерде жалгыз аттын изи менен,
Болжолу төрт чакырым барган кезде,
Жол кетти аккан суунун ичи менен.

Асан да сууга кирди жирей кечип,
Таштады кийиминин баарын чечип.
Барганда үч бутадай илгерилеп,
Көрүндү үй шекилдүү таштан эшик.

Мылтыгын Асан турду таянгансып,
Байкастап эки жагын карангансып.
Көрүнөт ал үңкүрдө жыйылган жүк,
Тердеди кыргыз үйүн таап алгансып.

«Тобокел, барайын» — деп, Асан жүрдү,
Үңкүрдүн эшигинен басып кирди.
Кап-кап ун, канча түрлүү таңыктар бар,
Салыгын качкан элдин эми билди.

Аралап кармап көрдү бир далайды,
Таап алды сүзмө-курут, сары майды.
Көтөрүп изи менен кайра жүрүп,
Алдына мингенсиди жорго тайды.

— Курдаштар, мына курут, мына сүзмө!..
«Ырыскы табылбайт» — деп, үмүт үзбө.
Кыргыздын даамын таттык ач болгондо,
Жөрөлгө — элдин жүзүн көрүүбүзгө. —

Деп, булар азык-түлүк мол камдады,
Бар күчүн баса турган жолго арнады.
Чөптүү жол кай бир жерде адаштырып,
Жайкалган жазык түздө тамтаңдады.

Тапсак деп жанын үрөйт кыргыз элди,
Көрбөгөн бала болуп мындай жерди.
Эки түн тынбай басып жолдо жүрүп
Жаактын чоң суусуна эми келди.

Шар агып, эки чети шукшурулат,
Калдырттап аккан таштын үнү угулат.
«Жарыкта кечүү чалып көрөлүк» — деп,
Жаш балдар бул чоң суудан коркуп турат.

Таң атып, күн да тийип көтөрүлдү,
Билбеймин, мындан аман өтөбүзбү?
«Чоң дайра — тилсиз жоо» — деп айтуучу эле,—
Кош, мүмкүн, көрүшө албай кетебизби?

Деп, балдар бирин-бири кучакташты,
Агызып көздөрүнөн бурчак жашты.
Өбүшүп бет-оозунан, «кош-кош» — дешип,
Кумсарып кызыл өңдөн каны качты.

Билектен байлап алды куру менен,
Бел кармап, бири катар бири менен,
Жамалды ортосуна жетелешип,
Кириштн бул дайрага тобу менен.

Бир кыйла кечип барды жетелешип,
Токтотпой жыга коёт энтелетип,
Аягын тийгизбестен жулуп-жулуп,
Топ бала бириндеди суугa кетип.

Бир-бирден балдар кетти жан талашып,
Оозуна суу кирген соң калган шашып,

Тилсиз жоо улак сындуу чурулдатып,
Шаштырып шарга кирди ала качып.

Четинде чоң кара таш аккан суунун,
Чебери табигаттын кандай сонун?!
Асанды, Жамал менен арта салып,
Илинткен билегинен тасма курун.

Асандын суудан чыкты ийни-башы,
Энтигип эргип-эргип, көзүн ачты.
Караса, калкый түшүп, сууда жатат,
Жамалдын жаагына өргөн калтар чачы.

Умтулду чачты көздөй көрө сала,
Жамалды алып чыкты Асан бала.
Дем тартпай шалак этип жатып калды,
Оозунан суу куюлуп кыз бечара.

Шашылып Асан чечти жондо жүгүн,
Таштады азык-түлүк, мылтык, киймин.
Каратып башын төмөн Жамал кыздын,
Жаткырды издейин деп жолдошторун.

Жүгүрөт Асан тынбай сууну бойлоп,
— Жолдошсуз каламбы? — деп, санаа ойлоп.
«Айырып жолдошуман, кудайым ай,
Буйругуң ушул беле жалгыз коймок?» —

Деп айтып, жашын төгүп Асан жүрдү,
Шуулдап суук учурайт суунун түрү,
Чек жакы аралчадан чыгып калган
Жылаңач бир адамды азыр көрдү.

Тайыздан ылдам кечип, алды колдон,
Тагдырдын бул кылганы кыйын болгон.
Көтөрүп Карагулду шалактатып,
Чыгарып, кургак жерге алып койгон.

Издеди Төлөш менен Кулубекти,
Ал экөөн тилсиз душман алып кетти.
Табалбай эч дарегин, түңүлгөн соң,
Эндиреп эс-акылдан танып кетти.

Бир кезде эсин жыйнап деди — курбум,
Билбеди канап жүргөн оозу-мурдун,
Кеңгиреп басып келип, жатып калды
Жанына сулап жаткан Карагулдун.

Диртилдеп Карагул да талып жатат,
Оозунан суу куюлуп агып жатат,
Эс алып, Жамал байкуш баш көтөрүп,
Жараатын сол колунун таңып жатат.

Бул үчөө баш кошушту аман-эсен,
Кулубек, Төлөш — экөө суугa кеткен.
Ач талаа, жашырынар далдаа жер жок,
Түш оогон, бешим маалы болгон экен.

## СУУСУЗ ЧӨЛ

Карагул, Асан, Жамал келе жатты,
Көрүштү тээ тетиги мойнок ташты.
Түн катып, тосмочудан аман өтүп,
Эки түн Бикирдиктин жолун басты.

Жалаң таш какыраган, чөптүү жер жок,
Алыстан бак көрүнөт, жакында эл жок.
«Көрүнгөн Үч-Турпандын шаары го?» — деп,
Дөбөдөн кеп салышат булар болжоп.

Балдар көрдү баябан эрме чөлдү,
Басышып бир күн, бир түн суу көрбөдү.
Куудурап тили кургап Жамал кыздын,
Кубарып купсыз болду нурлуу өңү.

Арыктап алы кеткен эти калбай,
Айыкпай жараттардан шишик жанбай,
Карагул, Асан экөө алмак-салмак
Көтөрүп келатышат суу табалбай.

«Бир тойсок тунук суугa талкан чайып,
Жаш өмүр жазым болбой жазып-тайып,
Караанын калың элдин көрөр кезде,
Калбады каруу-кубат эч кылайып.—

Деп, балдар бирин-бири жалжал карайт,
Шишиги Жамал кыздын качан тарайт?
«Тагдыры табигаттын ушубу?» — деп,
Шылкыйып балдар түрлүү санаа санайт.

Бул чөлдө адам жүрүп, карга учпаган,
Ысыгы мээ кайнатып, тил кургаган,
Лепилдеп жер бетинен ысык урат,
Алсызга аба жүрүп, жел урбаган.

Жатышты чөлдө солуп күн баткыча,
Дарман жок күндөгүдөй жол басышка.
Көтөрүп Жамал кызды кадимкидей,
Жол тартты илкий басып күн батышка.

Салкындап эти муздап чыйралгансып,
Бир аз күч бедениңе жыйналгансып,
Кол-колдон тамшангансыйт талканынан
Жутууга шилекейи нымдангансыйт.

Жамал да сөзгө келип, бир аз сүйлөп,
— Басайын, агайлар деп, боюн күүлөп,
Асанга боору бурап көтөрткөнгө:
— Алсаң,— дейт мен басайын колдон сүйөп.

Тынбастан жолдо жүрдү таң аткыча,
Күн ысып, кечегидей талыткыча.
Арыкка кез келишти суу акпаган,
Чөөттө суу болсо деп барып турса.

Шуулдап топ көгүчкөн учуп келди,
Күн ысып, түшкө жакын болгон кези.
«Жаныбар, суулуу жерге конорсуң» — деп,
Асан да байкап турду көгүчкөндү.

Төмөндөп көгүчкөндөр кайкып ойноп,
Кайрылып конуп калды арык бойлоп.
— Карагул, Жамал экөөң, тура тур — деп,
Жөнөдү Асан бала акыл ойлоп.

Жеткенде, көгүчкөндөр кетти учуп,
Жүрүптүр чөөттөгү суудан ичип.

Көргөндө бул чөөттү Асан бала,
Сүйүндү бул арыкка ыргып түшүп.

Бул суудан жатып ичип, тоюп алды,
Жүгүрүп, жолдошторго жетип барды.
Көтөрүп Жамал кызды кайра жөнөп,
Чаначка суудан куюп талкан чалды.

Тер акты Жамал кыздан чалап ичип,
Кеткендей муунуна чалап түшүп,
Мончоктоп тула бойдон аккан терге
Чомулуп сулап жатты эси кетип.

Шашкеден күн батканча жатты сулап,
Балдар да эс алар деп күтүп турат.
Чалаптан тамчылатып тамызганда,
Кез-кезде кылк эттирип араң жутат.

— Кетели! Жүр, Карагул, кызды көтөр!
Салкында жатпайлы биз мында бекер.
Элсиз жер, кыз бечара жазым болсо,
Ал кеткен экөөбүздөн айла кетер.—

Деп, Асан эки бала жолго кирди,
Жамалды алмак-салмак да көтөрдү.
Таң атып, чоң шашке болгон кезде,
Туурадан төрт алачык айыл көрдү.

Басууга дарман калбай олтурушкан,
Эс алган эч белги жок Жамал кыздан.
Тамызган чалапты да жутпай калды,
Дем чыгат колтук согуп араң-араң.

Ыйлады эки бала олтурушуп,
Тердеди булар дагы чалап жутуп,
Мээ кайнап, ысык болот, аба жүрбөй,
Кандай жер күндүн көзү келген түшүп?

— Карагул, илкий басып барайын мен,
Айылда адам барбы, карайын мен.
Өлсөк да, баарыбызды көөмп коёр,
Уругун кыргыз элдин табайын мен.—

Деп айтып, Асан кетти айыл жакка,
Карагул катуу ыйлап, болду капа.
Шашкеден кечке басып, илкип-салкып,
Жолукту Асан барып ак сакалга.

— Чоң ата, эки жигит, бир кыз элек,
Билсеңиз Ысык-Көлдүк кыргыз элек.
Кыскасы өлүм алда үч балабыз,
Болобу биздей бала сизге керек? —

Айтты да, Асан бала сулап калды,
Ак сакал бир эшегин минип алды.
Жорго эшек жолду арбытып катуу жүрүп,
Карагул, Жамалдарга жетип барды.

Жамалды Карагулга өңөр деди,
Экөөнө жорго эшекти жеке берди,
Түн кирип, эл жатарга жакын кезде,
Ак сакал балдарды алып үйгө келди.

Беш күнү дарылады кыз байкушту,
Дарысы аксакалдын кандай күчтүү?
Жамалдын кадимкидей түсү оңолуп,
Айыгып жараттардын карты түштү.

— Балдарым, мен да көлдөн качып келдим,
Ашуусун Бикириктин ашып келдим.
Турамын Аксы жакка кетейин деп,
Баарысы ошо жакта биздин элдин.

Уксаңар, менин атым — Мусакелди,
Табасың Үч-Турпандан кыргыз элди.
Жашсыңар, кор болбойсуң, балдарым,— деп
Жамалга минип кет деп бир тай берди.

Мылтыгын Асан берген ак сакалга,
Балдарды жакшы баккан ак сакал да.
Батасын ак сакалдын балдар алып,
Жамалды мингизишти кашка тайга.

## АЛА-САЙДА

Тыныгып балдар жаткан беш күн оргуп,
Алыстан Үч-Турпандын шаарын көрүп,
Какшаалдын чоң суусунан аман өтүп,
Келишти Ала-Сайга кечке жүрүп.

Үч бала тай жетелеп келди чубап,
Алакун жол боюнда карап турат.
Саламга салам айтып, алик албай,
— Каяктан келдиңер? — деп суроо сурайт.

— Биз келдик Ысык-Көлдөн жаңы ашып,
Чыкканбыз эл артынан жөө басып,
Колунан Мешке деген бай орустун
Өлөрдө жөнөгөнбүз түндө качып.

Ысык-Көлдө болобуз Караколдон,
Көп кордук көрүп келдик баскан жолдон,
Үчөөбүз бир тууганбыз, бир энеден,
Турсак дейм бала болуп макул болсоң.—

Муну айтып түшүндүрдү сөзүн бүтүп,
Турушту Алакундун жообун күтүп.
«Жүргүлө андай болсо биздин үйгө»
Деп Алакун жөнөдү жолго түшүп.

Алакун ачык сөздүү «дардаңдаган»,
Апыртып өзүн мактап барбаңдаган,
Чуңкул көз, кара сакал, келте мурун,
Кеп салса, жер калбаптыр ал барбаган.

Атасып жүрө берди Алакунду,
Алакун болуп калды үч уулду,
Жамалды «Обдан кызым Жумакан» — деп,
Жатыктап өз тилине атын бурду.

«Аксыда Иминакун бай бар — деди,
Силерге эң бир жакшы жай бар,— деди —
Кара шаар, Кашкар, Кучер арасына
Кирөгө барып турчу мал бар» — деди.

Бир күнү Иминакун өзү келди,
Жакшы адам, жатык сөздүү, балдар көрдү.
«Бир жылга төө жетелеп беришсин» — деп,
Асанды, Карагулду ага берди.

Аксыга балдар кетти, малай болуп,
Келбеди, бир жыл өтүп, далай болуп,
Жамалдын, сагынгандан уйку көрбөй,
Ак жүзү чөптөй болгон кызылы оңуп.

## ТУМЧУКТУМ

Какшаалдын улуу суусу кирген ташып,
Калдаңдап агындылар кубалашып,
Көбүрүп чет жакасын жайпай коюп,
Көчүрөт жардын башын толкуп ашып.
Капасын дарыяга айтуучудай
Камсыгып Жамал келди жакын басып.
Шарына үнүн кошуп, жаш агызып,
Олтурду муңун айтып, чачын жазып.

Ардактап ата ордуна кармаганым,
Абийирсиз айбан экен ал бир залым.
Апам жок, чоло боло калганымда,
Кантейин албарстыча арбаганын!..
Коркутуп: «атып салам, сен качсаң» — деп,
Колумду кычырата кармаганын.
Апама айтып койсом өлтүргүдөй
Аргасыз жүрө берем, барбы амалым?

«Көккө учуп, жерге кирип кетсең дагы
Куткарбайм, колумда,— дейт,— бар танабың,
Чымчылап, уруп-согуп айткан сөзүн
Уккуча, чыкса деймин чымын жаным.
«Балам» — деп эл көзүнчө айтып коёт,
Болобу мындай иши мусулмандын?
Көгөрдүң союл тийбей, тоодон учпай,
Кабырга, карыжилик, кара саным.

Кай бирде ачууланып сөгөт кордоп,
Тили ачуу, жүзү кара, сөзү чоркок.
Өчөшүп күн-түн дебей айдаганда,

Өлсөм да иштей берем жанды зордоп.
— Атаке, балдарыңыз келер десем,
— Асаның калабы,— дейт,— сени коргоп?
Амалсыз кеч киргизип, таң атырам,
Айбанга алыстатып убак болжоп.

Энемден эмне үчүн мен туулдум?
Эзелден зарын тарттым кайгы-муңдун.
Арманда шор арылбай бул башымдан,
Агызып кара жашка бет жуулду.
Жан чыдап жүрөт экен өлбөгөн соң,
Жаныңдан кайып болсо сүйгөн курбуң.
Жат элге жалгыз башты кор кылганча,
Жем болсом жаянына ушул суунун.

Асырап ата, энесиз баккан — Асан,
Ажалда жатканымда тапкан — Асан,
Алыска жанды коргоп ала качып,
Азапты Жамал үчүн тарткан — Асан.
Ажырап малайлыкка кетеринде
Аташып, анты-шертин айткан — Асан.
— Алты айда келем,— деген, али да жок,
Алакун жоготконбу алда качан?
Уу болду ичкен ашым сагынгандан,
Убара көргөн күнүм бул азаптан.
Куш болдум торго түшкөн томоголуу,
Кусадар аптап уруп, гүлүм солду.
Колунда Алакундун тумчукканча,
Учайын бүгүн үзүп бутта боомду.
«Кызым» — деп, өзү айтса да, ою башка,
Урматтап кантип чыдайм мен ошону?
Саламат сапарыңдан келип калсаң,
Алакундан тартып ал ак кушуңду.

Тумчуктум жат душманда жайкын жүрбөй,
Жан тыныбайт, бул дарыяга чумкуп кирбей,
Жамалын эстемекчи тирүү болсо,
Жалынын кантип жүрсүн бир өчүрбөй?
Өмүрүм бул кордукка чыдабады,
Өчөйүн тоо башынан баткан күндөй.
Арманда тирүүлүктүн кереги жок,
Ардагым, сени менен өмүр сүрбөй!

Майрамкан «баламсың» дейт өз энемдей,
Маа таң жок, медеткерим, өзүң келбей.
Кош, жаным, бул дүйнөдөн кеткениңе
Кордугун Алакундун күндө көрбөй.
Үзөйүн жаш өмүрдүн кызыл гүлүн,
Үшкүрүп кара жашты төкпөй селдей.
Табыштуу улуу дарыя, ала кеткин,
Таалайсыз жандан кечкен кызды мендей.
Көз жумду жар башына колун сунуп,
Көңүлгө кылт дей түшүп боюн бербей.

Жумганда элестеди Асан көзгө,
«Өлөмбү душман айткан кордук сөзгө?
Баанектеп Асан келбей калат десем,
Бар беле мээрбаны менден өзгө?
Кокустан, аман-эсен келип калса,
Комсунуп калар бекен ою бөксө?..»

## КЫТАЙ СУРАГЫ

Үч-Турпан эски шаар болгон менен,
Аралаш ар уруу эл толгон экен,
Үч катар калың сепил чоң жаамында,
Балбылдап чырак жагып койгон экен.

Кеч убак, жылдыз чыгар мезгил болгон,
Адамдар келип жатат оңдон, солдон,
Короонун төр жагында бир топ адам
Көк, кызыл көшөгөсүн тартып койгон.

Кытай, уйгур, кыргыз, дуңган көп адам бар,
Кыймылсыз олтурушкан далай жандар,
Алдында баркут жапкан чоң үстөл бар,
Олтурат сурак кылып улуу амбал[1].
Көзүндө сур таш айнек, колдо калам,
Кара сур, чаарсымак эңчер адам.
Жазаанын аспаптары — шалы чынжыр,
Үч кырлуу балак зоолу жыйып салган.

---

бал — шаар башкаруучу.

Колунда шалпаң кулак, белде канжар,
Көк кийим, ичкиси кең, тышкысы тар,
Короонун ар жеринде карап турган
Чодойгон туш-туш жакта дорголор бар.

Чөк түшкөн бир адам бар, өзү карган,
Чач, сакал төрт элидей өсүп калган.
Кадалуу эки колдо, бутта кишен,
Карала бети-башы жуулбаган.

Бирөөнүн моюнунда темир чынжыр,
Көк ташка бир жак учу байлалуу тур.
Бир аял, бир эркекти арка бериш
Тескери кара эшекке мингизиптир.

Бир бала моюнунда шалы салган,
Шалысы каалгадай тактайлардан,
Тактайдын калыңдыгы төрт элидей
Көтөрүп байкуш бала катып барган.

Бирөөнү сурап жатат амбал байкап,
Кез-кезде мурдун чүйрөт башын чайкап,
Жоопкер жерди тиктеп чөкө түшүп,
Суракта оюндагы сөзүн айтат.

— Ур! — деди бир убакта амбал туруп,
Көмөрө эки кытай басты жыгып.
Үч кырлуу балак менен шакылдатып,
Санына санап беш жүз балак уруп.

Энтикти тигилер да алы куруп,
— Даарын! — деп жаңкы бала жаткан улуп.
Жөрмөлөп жылып барып, жатып калды,
Жарааттан баса албады өөдө туруп.

Аңгыча Алакунду кудай урду,
Амбалга «арзым бар» — деп, кагаз сунду.
Асанда качып кетер мүмкүндүк жок,
Колунан Керимакун кармап турду.

Окуду амбал алып жазган катты,
Чөк түшүп Алакун да сөзүн айтты:
«Үч жамбы пулду жеген ким экен?» — деп,
Доргосу ал амбалдын бери басты.

«Мына» — деп, Керимакун жетеледи,
— Жүр-жүр! — деп шашкан дорго энтеледи.
«Жаш бала кыргыз экен бечара» — деп,
Тургандар «коркпой сүйлө, үкө!» — деди.

Олтурду чөкөтүшүп Асан барып,
«Үч жамбы сарп кылдым,— дейт,— алты ай багып.
Үч адам күндүгүнө ичкен ашын
Кагазга амбал жазды пулга чагып.

Эсептеп «туура» — деди үч жамбыга,
Асанга кезек келди сөз айтууга.
Амбалдын кулагына шыбырады
Жанында Ашым деген бир шаңыя.

— Үч жамбы пулун жедиң Алакундун,
Үч адам алты-жети ай анда турдуң.
Жериңден карып келген куу тумшуктар
Жообун бер Алакундан жеген пулдун.—

Дегенде Асан айтты,— улук амбал,
Уксаңыз, айта турган көп сөзүм бар.
Ысламга малай кылып бизди саткан
Алакун, Керимакун биздин байлар.

Бар экен кошчулукта Ысламакун,
Төөсү бар кире тарткан жүзгө жакын.
Карагул иним менен ошол байга
Он беш ай төө жетелеп, кире тарттым.

Биз кеттик, карындашым мында калды,
Күң болуп, казан асып, суусун алды.
Ысламда кире тартып жүрсөм дагы,
Бергемин Алакунга пулду, малды.

Биз бардык Аксы, Күчөр шаарларга,
Нарылап, андан өтүп Кара Шаарга,
Кытайдын бир жоргосу жаталактап
Жатыптыр бутун серппей өлөр алда.

Бар эле менин бир жың апийимим,
Кытайга жоргосу үчүн аны бердим.
Жоргонун эмин кылып айыктырып,
Кардарга бир жүз сээрге сатпай келдим.

Ысламга бизди саткан «өз балам» — деп,
«Ар качан балдарыма көз салам» — деп,
Текшергин, улук амбал, акыйкаттап,
Жамбы эмес, бул Алакун «кыз алам» — дейт.

— Ой бала, кечке сүйлөп эбирейсиң,
Улукту «текшергин» — деп келжирейсиң.
«Берем» деп үч жамбыны мойнуңа алгын,
Таяк жеп, өлөрүңдү сен билбейсиң.

Айткамын бая күнү «жарашкын» — деп,
Тил албай тамтаңдайсың жарамсыз кеп.
Качкындын чыр-чатагын бүтүрүүгө
Силерге мени койгон Шаңыя бек.

Далай кыз тентип кетти аш табалбай,
Сен дагы жүрүүчү элең жан багалбай.
Бер десе, бир кызды аяп Алакундан,
Турасың үч жамбыны жайлай албай.

— Болупсуң сен Шаңыя, Желдең байым,
Уккамын көп адамдан сенин жайың.
Акыйкат улуктардын улуу жолу —
Кедейдин угуу керек алы-зарын.

Белгилүү бай-манаптын колдошкону,
Кедейди баса көктөп кордошкону,
Ар сөздүн чын, төгүнүн билүү үчүн
Керек го бирге жүргөн жолдоштору?

Андыктан улук алды темир талкуу
Күбөлөр көргөн-билген сөзүн айтуу,
Агынан бир залимге жыгылганча,
Адамдык намыс үчүн азап тартуу.

«Токто» — деп, тилмеч болду Мамбет Дуңчу
Жинденсе, түз сүйлөбөй, сөздү бурчу.
Артыкбаш кыжырланар сөз айтканда,
Орунсуз далай кепти амбал укту.

Чаңырып катуу сүйлөп, ичи күйүп,
Кирпигин бат-бат ирмеп, кабак түйүп,
— Күбөсү ким-ким экен? Сурагын — деп,
Каламын колуна алды кагаз чийип.

Сурады Мамбет Дуңчу — күбөң ким? — деп,
Ысламга төөчү экенин кимдер билет?
Жоргонун түсү кандай, качан бердиң?
Бул көздө ошол жорго кимде жүрөт?

— Бир күбөм — Иминакун, көрбөн башы,
Баякун, Жаасынакун, Касым жакшы,
Карагер Алакунга берген жоргом,
Семиртип багып турат Маамыт атчы.

Кыргыздан дагы күбөм Ыбырайым,
Ушулар жакшы билет менин жайым,
Алакун зордук кылып кармап турат
Аргымак жол жорголуу кашка тайым.

Качкындын алып бердим кемер курун,
Нак күмүш бир жамбы дейт анын пулун,
Желдеңбай Алакунга жуучу болгон:
— Сөөктөш, кызды берип,— деген,— мурун.

— Жок дедим Желдеңбайдын тилин албай
Кыз берип, Алакунду күйөө кылбай,
Алууга ошол кызды менден эптеп,
Үч жамбы акы доолайт жаны тынбай.

Бул сөздү төкпөй-чачпай амбал укту,
Туурадан Ашым Шаңыя сүйлөп чыкты.
Кытайча сөзүн угуп түшүнгөндөр
Кейишип бир-бирине көзүн кысты.

Ашымды кудай урду, калыс турбай,
Амбалды көз көрүнөө Ашым бузду.
«Жүрөгүн майтарбаса болбойт» — деди,
Каалайт го бул баланы урдурушту?» —

Дегендей элде болду күбүр-шыбыр,
Паракор залимдердин кылышы бул.
Жала жаап «Жамалды алсам Асандан» — деп,
Жан-тени Алакундун ымыр-чымыр.

Калыс эл карап турду, болуша албай,
Машташкан бай менен бир жаны калбай,
Каргадай Асан жалгыз карап турду,
«Жалгызга жардам бол,— деп,— жаппар кудай!»

Ашымга Желдеңбай да көзүн кысты,
Амбалдын каны качып, түсүн бузду.
Кыясын шаңыялардын байкаган соң,
Алардын көөнүн улап сөз угузду.
— Алым да айбыкпастан сүйлөйт катуу
Адепсиз эл көрбөгөн кандай чантуу?

«Аа-дарын, ырас-ырас айтканыңыз,
Ошондой осол болот биздин кыргыз.
Байларга, улуктарга кайыр айтпай,
Карзынан керек эле тез кутулуш.

Өзүң бил, улук амбал, не кылсаңыз,
Айтканы — бул баланын бир жетим кыз.
Алакун үч жамбысын кечер эле,
Бул бала кызды берсе эч чатаксыз.
Алакун башын ийкеп Желдеңбайга,
«Шаңыям, ошол сөздү туура айттыңыз.

Амбалдын «таа» дегенсип үнү чыкты,
Асанга эки-үч жигит асылышты.
Түрүшүп, кара санын жылаңачтап,
Тынбастан балак менен жүз урушту.

Унчукпай Асан жатты узунунан,
Напсиси Желдеңбайдын бузугунан.
Тигилер ырайымсыз чапкан кезде,
Чымырап суу чыккансыйт чучугунан.

Даарыңдап жалбаруучу башка киши,
Асандын бул жатканы — эрдин иши.
Өчөшүп унчукпаган көктүгүнө
«Ур!» — деди майтарылсын жүрөк мизи.

## ПАРАКОРЛОР ЧОГУЛДУ

Алакун меймандарга тамак берди,
Меймандар мантуу, күрүч — тамак жеди.
Жыйнашып дасторконду, кол жууган соң,
«Куш келдиң, шаңыяларым, кулдук деди.

Айтайын бир аз кеңеш, улуктарым,
Аянбайм мен силерден колдо барым.
Аз калды болжоп берген мөөнөт күнү,
Алдына биз баруга чоң амбалдын.

Асандын күбөсүнүн баары келсе,
Чындыгын болгон иштин айтып берсе,
Үч жамбы доолаганым жалган чыгып,
Сойбосун мени амбал каары келсе?

Бул ишке кандай акыл табасыңар?
Ал күнү силер дагы барарсыңар.
Бир жамбы азыр берем колуңарга,
Өчүмдү алып берсең, жарадыңар» —

Дегенде Ашым шаңыя күлүңдөдү,
«Ашпосто конок кылдың бүгүн деди.
Бар болсо бир жамбы пул жаныңызда,
Барабыз, да бир чоңго жүрүң деди.

Беребиз он беш сээрди биз аларга,
Жана да сүйлөшөлүк биз арада,
Асанды бүгүн түнү каматалык,
Жашыруун адам билбес бекем жайга.

Жан көрбөй жата берсин чыйрак бала,
«Качты» — деп, билгизип кой чоң амбалга.
Жакында Чоокениңди никелейбиз
Даяга он зээр күмүш бергин жана.

Кайда экен, билесиңби ал баланы?
Алпарган караңгыда бир жоргону.
«Ууру» деп каматалы билсең эгер,
Аны издеп таап алар адам барбы?» —

Деп, Ашым Желдеңбайга: — кандай? — деди,
Жок болду Желдеңбайдын ашык кеби.
— «Макулмун, Ашым шаңыя, сиздин сөзгө,
Алакун, кызды аласыз акыр деги...

Мен билем бала жатат бир кыргызда,
Ээсине ошол үйдүн эч туйгузба,
Качкынга эң кадырлуу кары киши,
Чыр салат, Абдыракман билип калса.

Качкындын карыясы — Абдыракман,
Кедейге эң боорукер ал бир адам.
Дайынсыз агалары жок болгон соң,
Не кылат тийбегенде кыз бечараң?

«Кулдук» — деп, Алакундун көөнү тойду,
Ашымга алтымыш зээр санап койду.
Асанды бүгүн түнү каматууга
Булардын бул кеңеши макул болду.

Жетиген мекен кылган чайкананы,
Залимдер Жетигенди байкабады,
Жездеси Абдыракман Жетигендин
Билүүчү анда экенин Асан жанды.

Жетиген — өзү кедей, качкын элден,
Бул дагы Караколдон качып келген.
Жалданып Жалазага малай болуп,
Асанга нечен жолу жардам берген.

Ойлоду «жездемкине барайын деп,
Асанга бул кабарды салайын деп,
Залимдин тузагына илиндирбей,
Асанды аман алып калайын» — деп.

Кеч кирип, күн батарга жакын калды,
Кетүүгө Жетигенде эрик барбы?
«Суранып кожоюнга кирейин» — деп,
Жүгүрүп Жалазага жетип барды.

Жалаза кожоюну дуңган эле,
Жоргосу бир мелдеште уткан эле,
— Жетеле, Жетигеним, жоргону — деп,
Сурoосун Жетигендин укпады эми.

Жетиген бошоно албай калды жатып,
Күчөргө дуңган бармак нашаа сатып.
Эрчитип Жетигенди алып кетти,
Асандын калды бекен шору катып?

№4382

## БАК ИЧИНДЕ

Ойлоду Жамал «бакка барайын деп,
Бакчанын жемиштерин карайын деп,
Сагындым Асан менен Карагулду,
Бук жазып, ээн ыйлап алайын» — деп.

Калың бак: өрүк, алма, жийде, жүзүм,
Төгүлүп бышып турат жемиш бүтүн,
Алакун, Керимакун, Желдеңбайлар
Саялап олтурушкан бактын ичин.

Буларды Жамал көрдү тыштан туруп,
Олтурган Жамал үчүн «дүкөн» куруп.
Шек алып, жакын жерде калың бакка
Жашынып Жамал турду сөзүн угуп.

Алакун сүйлөп жатат жанын үрөп:
— Агаин, карыганда бир кылдым тилек.
Аксыда төркүнүнө жиберейин,
Аяшың билип калса, ичи күйөт.

Төркүнү төмөн Аксы кара бакта,
Аялды жиберейин, тилимди алса,
Уулуңду, Керимакун, кошуп бергин,
Шек албайт, сенин балаң бирге барса.

«Аксыны базарлап кел шашпай» — дейли,
Майрамкан ак көңүлдүү, жумшак бейли.
Балаңдын минер атын мен берейин,
Асандын тайкашкасын алсын мейли.

Жамалга той кылалык ал кеткен соң,
Бир үйдү Растыдан алып койсом.
Майрамкан кийин көрүп күнөөлөсө,
Чатагын, шаңыяларым, басып койсоң.

Кеңешим кандай менин, Керимакун?
Бир тууган иним сенсиң — жатындашым.
Шаңыям Желдеңбай бек, сиз не дейсиз?
Кеңешим менин ушул,— деди акун.

«Мен болсом, бул акылды табалбаймын,
Жумшасаң, кылар иштен аянбаймын.
Майрамкан билип калса, чатак салат,
Чырына ал жеңемдин мен калбаймын».

Желдеңбай Алакунду «коркпо» — деди,
— Байбичең бул кеңеште барбы деги?
Асанды үч ай болду каматканы,
Жамалдын тоюн кылар убак жетти.

Кызды мен, кандай болсо, көндүрөмүн,
Качкындын бардык ишин мен билемин.
Бул ишти Абдыракман билип калса,
Билесиң абал мени өлтүрөрүн.

Кетиргин Майрамканды алдап-соолап,
Калбасын Абдыракман мени жоолап,
Майрамкан кетер замат кабар кылгын,
Билгизбей той кылалык бир азоолак.—

Деп, булар ар кимиси оюн айтты,
«Кош» дешип, бактан чыгып, үйгө кайтты.
Асандын кайда кеткен дайнын билбей
Жүрчү эле, Жамал баарын угуп жатты.

Үч айдан ашык болгон адашканы,
Эми укту, далай болгон каматканы:
«Мен үчүн мээнет тартып жүргөн тура,
Бар бекен паанайымдын чымын жаны?

Курусун, аял деген караны жок,
Жүрчү элем Асан барда көңүлүм ток.
Ойлогон тилегиме жетпей калып,
Күйөмбү жалын өчкөн карарган чок?

Эне-ата, бир туугандан жалгыз калдым,
Ажалдан, Асан аман алып калдың,
Өмүрлүк кубатымдан куюктуруп,
Залимдер, кандай торго мени салдың?»

Дегенде, сурмалуу көз булак болду,
Этеги чөлмөктөгөн жашка толду.
Тунарып, жер көрүнбөй эси оогондон,
Кулачтап жатып калды эки колду,

Жайылды кара чачы тал-тал болуп,
Жамалдын алы калбай жатты солуп.
Дүмүрчөк куу жыгачты жаздык кылып,
Жатканын билбей калды башын коюп.

Бир кезде башын жөлөп: — Жумакан! — дейт,
Эртеден эси ооган кыз аны билбейт.
«Не болгон? Жаным балам укпады» — деп
Майрамкан тургуза албай ыйлап жүрөт.

Кочуштап арыктан суу алып жетти,
Салаадан суу тамчылап агып кетти.
Жүгүрүп калган сууну алып келип,
Бетине жаткан кыздын сууну септи.

Сепкенде селт дей түшүп, ачты көзүн,
Үшкүрүп жыйнап алды акыл-эсин.
Жоолугун колуна алып сүртүп турду,
Кагаздай ийи майда аппак бетин.

— Ой кызым, жаным кызым, Жумаканым!
Не болду бак ичинде сенин алың?
Кашымда чырак болгон аппак кызым,
Сөзүңдү айтчы мага, ширин жаным!

Асанды сагындыңбы кечикти? — деп,
Аз күндө аман болсо, жетип келет.
Алакун али күнү айтты эле го:
«Атчыдан амандыгын эшиттим» деп.

Кашкардан Карагул да келип калар,
Кашыңда эркелетер мен апаң бар,
Эмнеге бак ичинде сулап жаттың?
Сөзүңдү айтчы, балам, не капаң бар?

— Капа жок менде такыр, жаным апа,
Эртеден барып келдим чоң суу жакка.
Жемиштен жейин деп азыр, келсем,
Жүрүптүр кары кемпир бул бакчада.

«Кимсиң?» деп айтайын деп бери бастым,
Тап берди канжар менен, кайра качтым.
Калыпмын эсим ооп ушул жерде,
Бетиме суу септиңиз, көзүмдү ачтым.

Баралык эртең, апа, шаар жакка,
Сиз барда менде болбойт эч бир капа.
«Атамдын» атын сурап минип алып,
Шаарды бир көрсөтсөң, жаным апа.

Сизге айтпай, кимге айтамын абалымды?
Көрбөдүм өгөйгө окшоп залалыңды.
Колуңа бала болуп туз татканы
Билесиң менин арам-адалымды.

Кызыңдай кылбаттаадың мени сен да,
Энемден кем көрбөймүн сени мен да.
Экөөбүз өздөн жакын бир жүргөндү
«Өгөйдөй эмес» дешет көргөн эл да.—

Деген сөз Майрамканга майдай тийди,
Ал дагы Жумаканын беттен сүйдү.
Жамалдын жаккан экен ак кызматы
Жалынып «жүр үйгө» деп алып жүрдү.

Жакшынын кайда болсо жаттыгы жок,
Жаркылдап эрке болот Жамалга окшоп.
Жат жерде жаман киши жан багалбайт,
Сүйлөсө одураңдап сөзү чоркок.

Айыбы — Майрамкандын туубаганы,
Тууса да, колдо бала турбаганы.
Кырк бирге жашы жеткен ушул кезде,
Кашында караан кылган Жумаканы.

— Алакун, ат токуп бер бизге бүгүн,
Жумакан жалгыз балам, айым-күнүм.
Шаарга биз барабыз тамашалап,
Жумакан эч көрбөгөн балачалап.

— Эй каным, кеңешиме кулагың сал,
А көрө атаңкына төркүлөп бар.
Эриксең, атты минип жорго сала
Жаныңа Турдакунду эрчитип ал.

Барып кел, жентек кылың дадаңызга
Учурап көрүшүп кел апаңызга.
Базарлап, Аксы шаарын көрүп келгин,
Биз мында оокат кылып жатабыз да.

— Алакун, кандай кебиң адам уккуз?
Барамбы сени таштап өзүм жалгыз?
Баарыбыз арабага түшүп алып,
Жумакан, сиз-үчөөбүз бир барабыз.

Асанга Маафаны айдатабыз,
Күз болду, дыйкандыкты жайлашабыз.
Ата-эне, туугандарга алып барып,
Кызымдын чач-саамайын майлатабыз.

— Куп, каным, жок дебеймин сөзүңүздү,
Жоргого мингизейин өзүңүздү.
Сарайга атыңызды байлап коюп,
Ойнотуп алып келгин кызыңызды.

## САРАЙДАГЫ СЫР

Ат, эшек толуп кеткен чоң сарайга,
«Пош-пош» — деп эл шыкалган мал базарга.
Майрамкан Жумаканын учкачтырып,
Келиптир жорго минип ал базарга.

Жанында ал базардын жапыз боз там,
Эшиги мал базарды түз караган.
Кара көз, сары чийкил, сулуу келин
Көк көйнөк, кара кемсел, ак жоолукчан.

Келди да: — түшөсүзбү, каным? — деди —
Сарайчы мен боломун, жаным — деди.
Сарайга атыңызды байлаңыздар,
Бир теңге — бул алуучу алым,— деди.

— Куп мейли, жалгыз байлаң бул жоргону,
Чечелик куржун-кече, ат дорбону.
Таштасак үйүңүзгө камчы, куржун
Турабы, же адам көп жоголобу?

— Жоголбойт эч бир нерсе бул сарайдан,
Болгону далай болду биз сарайбан.
Бериңиз камчы, куржун нерселерди
Билебиз сарай ишин бир талайдан.

— Мынаңыз, куржунду үйгө илесизби?
— Жеңеке, Абдыракманды билесизби?
«Качкын» — дейт көлдөн келген, өзү — кыргыз,
Билсеңиз, ачар элең мүдөөбүздү.

Ак келин күлдү дагы: — кайдан келдиң?
Кызындай сен окшойсуң кыргыз элдин.
Эмнең Абдыракман? Жайыңды айтчы,
Табайын, сүйүнчүсүн азыр бергин.

— Жеңеке, сүйүнчүңө ат берейин,
Аз келсе, ага кошуп, баш берейин,
«Насия болот го» деп ойлобоңуз,
Аталган атты, башты нак берейин.

— Бери бас, айдай кызым, үйгө жүрү!
Сенсиң го бир байкуштун айы-күнү?
Аялы Абдыракмандын мен боломун,
Сурасаң, өз атымды — Шайырбүбү.

Жамалдын тула бою чымырады,
Калтырап этек-жеңи кыбырады.
— Жеңеке, наркы аялды бери кел деп,
Чакырып коюңуз,— деп шыбырады.

Майрамкан, Жамал болуп үйгө кирди,
Асандын турган жерин анык билди.
Бул үчөө башка сөздү оозуна албай,
Асандын жомогунан баштап кирди.

Сөз баштап, Шайырбүбү мындай деди:
— Балак жеп, бир жаш бала мында келди.
«Алакун Ала-Сайда турган жерим,
Калды эле карындашым анда» — деди.

Санынын аксап жатты жараатынан,
Жок эле мүмкүндүгү бара турган,
Жок болду Асан бир күн түн ичинде,
Келгенби киши дедик Алакундан?

Бирок да барбайт эле бизди таштап,
«Үч жамбы доолады» — деп айтчу какшап,
«Алайын токолдукка Жамалды» — деп,—
Алакун урдурду — дейт чатак баштап,

Бул сөзгө Майрамкандын башы катты,
Ал тургай белгисинин баарын айтты.
Кылыгын Алакундун жакшы билет,
Ойлонуп бир чындыкты эми тапты.

Айтканы бул келиндин туура чыкты,
Асандын кор болгонун азыр укту.
Унчукпай, жашын төгүп Жамал турат,
Сөз байкап, сабыр кылган өзү мыкты.

Майрамкан — өзү ак көңүл, ачык киши,
Жок эле бул кабардан анын иши.
Кыялын Алакундун ойлоп-ойлоп,
Капага толуп кетти мунун ичи.

— Жумакан, угуп турчу, мен айтайын,
Аллага кудай берет барган сайын,
«Атчыга кошуп ийдим жуукуга» — деп
Асандын биз сурасак, айткан жайын.

Алакун — менин эрим, чоң мытайым,
Амалсыз кудай кошту не кылайын?
«Апийим алып келет Жуукудан» — деп,
Айтканы үч ай болду менин байым.

Асанды жоготууга камынган го?
Ал кеңеш акмактардан табылган го?
Эгерде ушул сөздөр ырас болсо,
Алакун азап көрүн сагынган го?

«Майрамкан, төркүнүңө барып кел» — деп,
Сөз кылган ал бок сакал мени эрмектеп.
Көзүмдү жогото албай жүргөн тура,
Жамалды алмак болуп мени жектеп» —

Дегенче Абдыракман кирип келди,
Бир жаш кыз ыйлап турат, аны көрдү,
— Ким экен бул кишилер Шайырбүбү?
Бул балам эмне ыйлайт? Айтчы деги!..

— Бул киши Алакундун аялы экен,
Бул бала Асан айткан Жамал экен,
Тирүүлөй кайда экенин билгизбеген —
Алакун качкан элге чаян экен.

Барбаптыр Асан кайтып Ала-Сайга,
Жаттыңыз кабар албай үч-төрт айга.
Кор болду кайран кыргыз качып келип,
Жалакор Турпандагы сүткор байга.

Эмине ушул кордук жан чыдагыс?!
Өлгөн го дайыны чыкпай Асан байкуш?
Акылдуу, эң бир токтоо бала окшогон,
Кудай ай, жерге кирсин ушул турмуш!

Деп сүйлөп бышактады Шайырбүбү,
«Табам» — дейт Абдыракман «болсо тирүү».
Таптырам Желдеңбайдан кайда болсо,
Бар экен Асан таяк жеген күнү.

Айтыптыр «үч жамбыны мойнуңа ал» — деп,
Кууптур үч кыргызды боктоп-тилдеп.
Бул кызды Алакунга бермек болуп,
Сыртынан бети жоктор сатса керек.

— Таң, аке семиз кыргыз Желдеңбайбы?
Көп барат айылчылап Ала-Сайды.
Апаке мен айтайын, угуп олтур,
Менде бар ичим толгон капа-кайгы.

«Не үчүн мага мурда айтпадың? деп,
Жумакан, кандай сөздү баштадың?» — деп
Таарынбай, жаным апа, кулагың сал,
Кечеги бак ичинен баштайын кеп.

Желдеңбай, Алакун бар, Керимакун,
Көрүңүз бир кудайга иштин агын.
Олтурган кеңеш кылып мен тууралу,
Саялап Алакундун алма багын.

Шек алып, мен да бардым өтө жакын,
Жүзүмдүн бетке кармап калың шагын.
Асанды каматыптыр алар зордоп,
Жамалды алмак болуп эриң залым.

«Майрамкан төркүнүнө барсын» — дешкен,
«Ээн деп Жамал жалгыз калсын» — дешкен,
Бет барбы Алакунда, жаным апа?
«Өз кызын» аламын деп динден кечкен.

Жаткамын сен барганда эсим ооп,
Сизге да мен айткамын башкача жооп,
Сиз жокто нечен кысып сөз айтышчу,
Ыйлактап эч бир жооп бергеним жок.

Ал жерде сырдашууга жарабады,
«Асанды таап бер» — дээр чара барбы?
Көңүлүм калса дагы Алакундан
Айтпадым «ачылат» — деп араңарды.

Мынакей, сыр айтышар жерге келдим,
Өлсөм да, издеп алар элге келдим.
Алдында абакемдин сиз уктуңуз,
Апаке, бар сырымды айтып бердим.

Угуштук бир-бирибиз ичте сырды,
Айтыштык ар кимибиз зарды-муңду,
Кыскасы, бул олтурган — бир тилектеш,
Кылдаттап билиш керек төгүн-чынды.

— Майрамкан салбар болуп калмак экен
Жамалды токол кылып алмак экен,
Ушул кеп ырас болсо, карындаштар,
Нан тиштеп, убадабыз болсун бекем.

Майрамкан, Жамал — экөөң үйүңө бар,
Билгизбей Алакундун кылыгын чал.
Камалып Асан кайда жатат экен?
Үч күнгө чейин андан билем кабар.

Жаткыла кулак түрүп, кабар алып,
Эне-кыз, эбиңерден кетпе тайып.
Асандын амандыгын анык билсем,
Атайын учураймын өзүм барып.

Аткаргын, Шайырбүбү, конокторду,
Айттыңар бүгүн далай жомокторду.
Абакең Абдыракман таппай койбойт,
Асанды айла кылып жоготконду.

Кош, аяш Майрамканым, жакшы баргын,
Жамалдын энеси — сен, эсиңе алгын.
«Өгөй» — деп, эчким айтпайт экөөңөрдү,
Алакун кетириптир сенин баркың.

Үйүңө өзүм барып учураймын,
Үч күндө көрөсүңөр иштин артын.
Нан жешип бир тилекте болмок болуп
Төртөөбүз кылыштык го өлөр антын.

## БАКТЫБЫЗДАН КӨРӨБҮЗ

Таң атып, күн чачырап чыккан кези,
Жамалдын улуу жолдо эки көзү.
Жүрөгү алап-желеп болуп турат,
Ал түнү уйку көрбөй чыккан өзү.

Келаткан эки адамды азыр көрдү,
Алдыңкы боз атчаны Асан өңдүү.
Ийнинде мылтыгы бар, белде кылыч,
Бир киши аркасында бирге келди.

Асаке, амансыңбы көрөр күнүм?
Ажалдан алып калган көп өмүрүм.
Капыстан колдон учкан ак туйгунум,
Саламат ак жүзүңдү көрдүм бүгүн.

Жоолукка басып алып эки көзүн,
Солуктап токтото албай эки өпкөсүн,
Асандын жүрөгүнө башын таяп,
Айтууга алы келбейт Жамал сөзүн.

Чоң кытай аттан түшпөй аң-таң калып,
Жамалдын бул зарына көзүн салып.
Жетиген арасынан чаап келди,
Эрчитип Жалазаны баштап алып.

«Бул жерде эмне турдуң, Асан?» — деди,
Кожайын тилмеч болуп өзү келди.
«Таштабай ат кемерди алып кел» — деп,
Бул катты Абдыракман жазып берди.

Топтошуп булар келди Алакунга,
Токтонбой чочуп турган Алакун да,
Жоргону, тайкашканы алып келип,
Токутту Жамал менен Майрамканга.
— Балдарым, күнөйүмдү кечкиле,—деп,
Жалынып улам-улам келди Асанга.

Жамалга курчап койду күмүш кемер,
— Жоргону, Жамал, сен да бир минип көр.
Жүргүлө, айдатабыз жорголорду,
Аларды дорго кытай айдап келер.

Шаарга Асан жөнөп калды баштап,
Доргону, «айдап кел» деп кийин таштап.
«Жеңеке, жүргүн,— деп — Жамал менен» —
Жетиген Майрамканды алды коштоп.

Асандын аркасында башкалары,
Мингизген Майрамканга тайкашканы.
Жалаза Жамал экөө жорго айдатса,
Жалтылдайт жаагына тал-тал чачы.

Базар күн, чоң сарайга ат шыкалган,
Бакырып эшек чуулдайт мал базардан,
«Пош-пош» деп, калың элдин чети менен
Жалаза, Асан, Жамал келип калган.

Жетиген, жана келди Майрамканы,
Буларды карап калды элдин баары.
Төрдөгөн жорголорду жетелетип,
Качкындын бир көрүндү элге шаңы.

Жүгүрдү Шайырбүбү мал базарга,
Түлөөгө — аксарбашыл кой аларга.
«Кырсыгын чыгарайын балдарымдын,
Көп элдер бата берсин бечарага».

Дуулдап бозо ичишип, кырка олтуруп,
Дүбүрөп үстү-үстүнө кирип-чыгып,
«Асанга батаңарды бергиле» — деп,
Абакең алаканын жая сунуп.

Качкын эл кодураңдап намыс кылып,
Каралап Асан келсе туугансынып,
Канткенде бул намысты кетиребиз,
Каргадай бир баланы жатка урдуруп?

Барабыз амбалыңа киши калбай,
Тынбайбыз бул баланын өчүн албай.
«Оомийин, бактылуу бол» — деп жатканда,
Уйгурларды алып келди Дорго кытай.

— Жүргүлө Иминакун, Касымакун,
Байакун, Ыбырайым, Жаасунакун.
Күбөлөр кире тартып бирге жүргөн,
Амбалга бул баланын жөнүн айткын.

«Күбөңдү чогулт» деген амбал буйруп,
Силерди алып келди Доргo жыйып.
Амбалдан бул Доргону сурап алдым,
Ат байлап отуз сээр чыгым кылып.

Бозого тойду бекен кытай Дорго?
Алакун жөө келдиби араң зорго?
Мингизген Асан балаң сатып келип,
Көптүрдү ээ, о көйрөңүм тиги жорго!

Таанып ал, Абдыракман мен боломун,
Атышып бай, төрөнү мен сойгомун.
Жергесиз жетимдерди кайдан таптың?
Жетелеп мал сыяктуу камап койдуң.

— Аксакал, жаңылыпмын сизди билбей,
Жарашсак бул жаамыңга бүгүн кирбей,
Сиз менен Ашым шаңыя бир сүйлөшсүн,—
Алакун деп келатат сүйлөй-сүйлөй.

«Асанды сынайын» деп Абдыракман:
— Канетет экөөңөрдү жараштырсам?
Азыраак кордук көргөн айбың үчүн
Ат тартып, тон жаптырсам Алакундан?..

— Абаке, ажал жетсе, өлүп калмак,
Ар адам таалайынан көрүп калмак.
Арамды жаап коюп, ат алганча
Ал жетсе, душманынан өчүн алмак.

Көрөлүк бактыбыздан ар иш болсо,
Таалайга не көрбөйбүз жазып койсо?
Коркпоймун бул жазадан тирүү болсом,
Агынан шейит болом аты сойсо.

Бактыма табылдыңар, тууган элим!
Баралык улугуна ушул элдин.
«Ташка сал, таалайдан көр» — деген сөз бар,
Абаке, арка болуп туруп бергин!

## ОЮҢ ТОЙ БОЛСУН

— Абаке, элдин көбү көчүп кетти,
Бизге да кете турган убак жетти.
Укканысың баштан аяк жөнүбүздү,
Айтайын азыр сизге бир кеңешти.

Карагул аман келип, санаа тынды,
Душмандын ындыны өчүп, бели сынды.
Антсе да, өскөн-өнгөн Ысык-Көлгө
Балдарың кетсекпи? — деп талап кылды.

Не дейсиз биздин айткан бул кеңешке?
Жоргону атабызсыз, бердим сизге.
Дос болдум жалгыз уулуң Абдырайга,
Батаңды, аяш атам, берсең бизге.

— Жакшы сөз, Асан балам, жерди эстесең,
Сен мага кеңеш салып элди эстесең,
Жамалды кудай буйруп кез болупсуң,
Тоюңду колум менен өзүм берсем.

Мынакей, каныман да, эл чакырам,
Курбуңдун кубанычтуу тоюн кылам.
«Көгөрсүн көшөгөңөр» — деген бата,
Берем да, чырактарым, көлгө узатам.

Бул сөзгө баары макул уккан элдин,
Тоюңа толук кызмат кылар менмин.
Кат жазып, эл чакырды Абдыракман:
«Тааныштан бири калбай баары келсин».

Балдардын жүрөктөгү оюн кылды,
Мал союп, бардык элге тоюн кылды.
Тердешип Абдыракман, Шайырбүбү
Бул тойго кубангандан тике турду.

Агызды Абдыракман мончок терди,
Асанга Жамал кызды алып берди.
Абдырай, Карагулдар кызмат кылып,
Узатты тойго келген калың элди.

Майрамкан — өкүл эне Жамал жанга,
Абдыракман өкүл ата болду Асанга.
Карагул жана башка баарысына
Ак сакал Абдыракман аяш ата.

Балдарга көп эл берди тойдо бата,
Бата алса, көпчүлүктөн болбос ката,
Жетимдер жетелешип качып келген
Таап алды Үч-Турпанда далай ата.

Аталар, эми узаткын Ысык-Көлгө,
Ак кызмат азаматка чоң жөрөлгө.
Ат-тонун азык-түлүк камдап берип,
Асанга кош айтышат жөнөтөрдө.

## САГЫНЫШКАН ЭКИ ДОС

Коңур күз, жыл мезгили кышка жакын,
Кайрылып көчкөн экен кыргыз калкым.
Күндүз-түн аттуу, жөөлү келе жатат
Ким билсин көпчүлүктүн алдын, артын?

Жалпы журт жакшы кабар уккан экен:
«Адилет кедей өкмөт чыккан экен.
Никелей залим падыша жоголуптур
Жаңы өкмөт бай-манапка душман экен» —

Деп угуп, кедей дыйкан кубанычта,
Далай өч жүрөктө бар бий, болушка.
Жер-жерден келатышат тынбай көчүп,
Көз учуп ата мекен түз конушка.

Салт атчан үч жолоочу Асан, Жамал,
Көк кашка күлүк минген Карагул бар.
Бурулуп жолдон чыгып белести ашты,
Алдында алчактаган жүрмөл аттар.

Эңкейсе, кең сары өзөн, эч адам жок,
Туура суу төрдөн түшкөн сымапка окшоп.
Алдына кашатчанын көк өтөккө
«Кечкирди, түнөйлүк» — деп турду токтоп.

Түштү да, Жамал басып, тезек терди,
От калап, чай кайнатып, тамак берди.
Ийнинде мылтыгы бар, белде кылыч,
Эки орус, эки кыргыз жетип келди.

— Кимсиңер? Кайдан келдиң? Айткыла! — дейт.
Ат минбей, алдыга жөө баскыла! — дейт.
Кылт этсең, атыласың, угуп койгун,
Ажалың чукул болсо, качкыла,— дейт.

— Биз келдик Үч-Турпандан, атым Асан.
Не үчүн атка минбей жөө басам?
Айткыла, туугандарым, өзүңөр ким?
Айдоого менде барбы кылган катам?

— Сүйлөбө эрдемсинип, мырза жигит,
Силерге уруксат жок атка миниш.
Келинчек атка минсин, экөөң жөө бас,
Текшерет ким экениң чоң начальник.

Начальник Никелейби, балшабекпи?
Балшабек жөө айдайбы балшабекти?
Карагул, бери келгин, учкашалы,
Талаада тамтаңдабай бөөдө кепти.

«Макул» — деп, Тайгашкага экөө минди,
Жоргосун Жамал өзү жеке минди.
Жетелеп көккашкага куржун артып,
Таң ата начальникке алып келди.

Начальник сурап-сурап ишенбеди,
— Соодагер куулануучу нечен,— деди.
Ат минип, асыл кийип, пул артынып,
Болобу силер өңдүү жетим деги?

Айтпаган сөз калбады баштан аяк,
Калган жок Асан тартып тилин аяп,
«Жөө айдап, Караколго жеткиргин» — деп,
Колуна алдырбады бирден таяк.

Аттарын ээлеп алды минип көрүп,
Куржунун кийим менен алды бөлүп,
Жамалга аксак байтал мингизишип,
Айдатты эки аскерге кошуп берип.

Эки күн жөө басышты айдалышып,
Түнкүсүн колу, буту байланышып,
Боюнда улуу суунун тамак ичип,
Олтурду түшкө жакын жайланышып.

Артынан буртулдаган чаң көрүндү,
Алдында айдаган ат, мал көрүндү,
Жакындап улам бери келе жатса,
Мингени өзүбүздүн Тайгашка өңдүү.

Аңгыча жетип келди ат айдаган,
Алайып Асан карап көз жайнаган.
Атынан ыргып түшүп колун жайып,
— Асаным... Асаным! — дейт аскер адам.

Буйдалбай Асан дагы тура калды,
Бул келген Чодур экен тааный салды.
Өбүшүп бет-оозунан, кучакташып,
Жүрөгүн жүрөгүнө кысып алды.

Карагул чебеленет жаны калбай,
Кайталап кучакташып алы калбай,
Бетине бетин сүйөп сүйүнүшөт,
Чодурдан Асан досу ажырабай.

Достордун кайта-кайта көрүшкөнү
Балкышып коргошундай эришкени.
Бир тилек, эки жүрөк ширетилип
Өзөгүн өзөгүнө бериштп эми.

— Келдиңби аман-эсен, Асан досум?
Келаткан бул сапарың куттуу болсун!
Мен уктум, кабарыңды кечээ келип,
Көрүштүк тилек бирге, жан жолдошум.

— Чодуке, саламатпы, алтын башың?
Кусадан куюлчу эле кара жашым.
Кут болсун өзүңө да бакыт-ырыс
Теңдиктин тең көрөлүк кубанычын.

Далайга сагынган дос учурашты,
Жүрөктүн каткан черин эми жазды.
Постогу кыргыздардан уккан сөзүн
Асанга Чодур досу азыр айтты.

— «Мешкеде малай жүрүп качтым» — депсиң,
Жөө басып, далай белден аштым — депсиң.
Кулубек, Төлөк экөөн суугa агызып,
Азабын жолдоштордун тарттым» — депсиң.

Начальник айтканыңдын баарын жазган,
Бул сөздү посттогулар маган айткан.
«Карагул, Асан досум турбайбы» — деп,
Ат коштоп, артыңардан Чокең чапкан.

Баргамын чакыр корум, чара ташка,
Чектерди чардап келдим андан башка.
Штабга келер замат силерди уктум,
Токтолбой жетейин деп миндим атка.

Мынакей, теңчиликтүү заман болду,
Залимге жайган экен нечен торду,
Ленин ата болуп эмгекчи элге,
Чаaптыр биздейлерге айкын жолду.

Уруят кулдун, күңдүн башын ачты,
Октябрь жарык нурун элге чачты.
Эзгичтин тырмагынан бизди сууруп,
Эрк берип, тыйды көздөн аккан жашты.

Эми биз колго алдык курал-жарак,
Жүрбөйлүк баштагыдай бекер карап,
Ленин залимдерден алып берген
Таалайды күтүш керек терең баалап.

Жаталык эми кайра постко барып,
Андагы атты, тонду жыйнап алып.
Өзүмө жолдош кылып алып жүрөм,
Беш атар, жанга сонун кылыч тагып.

Асаке, биз менен жүр мылтык алып,
Не керек Ысык-Көлгө кирип барып?
Мен дагы постто иштеймин, жети ай болду,
Жүрөбүз чек араны сак кайтарып.

Асандын кулагына майдай жакты,
Миништи алып келген токулуу атты,
Начальник бул ойлорун бек кубаттап,
Чодурга алда канча алкыш айтты.

Асанга куп жарашты аскер порум,
Тайкашка аскер аты эң бир сонун.
Эки дос чекти коргоп сакчы болуп,
Эң мыкты кармап турат чектин жолун.

*ЭКИНЧИ БӨЛҮМ.*

## АЛЫСТАН КАТ

«Ардактуу жан сүйөрүм Жамал, саган,
Алыстан Асан жазган дубай салам.
Бир жылдан ашык болду биз келгели,
Азыр мен иштеп жүрөм — эсен-аман.

Кайталап жакшы окугун бул катымды,
Саламат эсен-аман турасыңбы?
Эрмегим Эркинбегиң чоңойдубу?
Тилеймин большевиктик урматыңды.

Пишкекке шыдыр келдик Караколдон,
Алматы, Чамалканда уруш болгон,
Күрөң-Бел, Алтын эмел, Капал жакка
Актарды кууп барып кылдык ойрон.

Экинчи уруш болду Кызыл-Талда,
Он бир ай туруп калдык биз Сарканда.
Кайталап нечен сапар салгылаштык,
Турушкан Аксуу менен Жаркаскарда.

Теке түрк кошулушту бизге келип,
Фурманов, өзү баштап буйрук берип,
Жатышкан Абакимский шаарын ээлеп,
Андан да помещикти куудук жеңип.

Жети-Суу крайынын армиясы
Биздин жердеш Логвиненко болгон башчы.
Камендир Кектенге да Алматыдан,
Бул үчөө балшабектер партиясы.

Чаучек, Чуварагач, Семей жактар,
Чогулуп күч жыйнаган далай актар,
Туш-туштан казак орус качып барып,
Турушкан чоң генерал Дудниковдор.

Анненков а да барган бизден качып,
Кызыл-Жар, Семей жактан жолун ачып,
Буденный Омскийден кыйратканда
Аяктап актар келген катуу шашып.

Буденный, Эр Чапаев талкалаган,
Томский түпкү Сибирь эки арадан.
Эртиштин суусун бойлоп качып келип,
Жол таппай калган экен чек арадан.

Алганбыз тегерегин балшабектер,
Актарга жол калбаган качып кетер,
Кыйратып, туткунга алып байчылдарды,
Эч кайдан жол бербедик басып өтөр.

Кетүүгө актар издеп жол таппады,
Бай, төрө, куу Деникин, Калчактары.
Качарга жерин койбой тегеректеп
Каарман кызыл аскер чарчатты аны.

Сакчыбыз, жан каттатпай басар жолго,
Түшүрдүк нечендерди кармап колго,
Жер-жерден дымы чыкпай кырылышты,
Суудагы балык сындуу түшүп торго.

Бир жылда тазаладык бул араны,
Советке баш ийбеген жана калбады,
Биз бүгүн Алматыга келип түштүк,
Баликим, элге барып эс аламбы?

Аман тур көрүшкөнчө, өмүрлүгүм,
Эркинбек — эрмегиң бар, айың-күнүң,
Эч кандай санаа ойлоп, капа болбо,
Саламат бул согуштан келдим бүгүн.

Чакырды Шахабидин, Фурмановдор,
«Отпуске берер» деген үмүтүм бар.
Беттешкен бай-төрөнү талкаладык,
Калган жок бизге душман каш кайтарар.

Салам айт көргөн, билген агаинге,
Окугун, Жамал курбум, бекер жүрбө!
Чодурдун үй-бүлөсү саламатпы?
Чодокем өзү кайда, бардыбы үйгө?

Кат алып турасыңбы, Карагулдан?
Кабарын мага жазган алып турам.
«Ташкенден окуум бүтөт жакында» деп
Какемден бизде барбы башка тууган?

## СЕН БААТЫРСЫҢ

Күн бүркөк күз убагы, аба муздак,
Төрлөрдүн булактары калган муздап,
Ызботу[1] Мусаевдин конуш кылган
Чыгууга Көк-Булакты быйыл кыштап.

Кароолчу ат сарайга Калий турду,
Караңгы бир аз жарып таң да сүрдү,
Чаңытта карга аралаш сампарлаган
Карайган белес жактан шаң көрүндү.

Бул караан улам жакын бериледи,
«Беш атар колдо турат, келсин бери.
Билермин ким экенин, жакындасын,—
Дейт,— Калий ким болсо да болор эби».

Келди да: — Барбы кароол бул ызботто?..
Мусаев Асан кайда? Менмин коркпо!..
Шашылыш тилграм бар ротадан:
Мусаев, ызботуңду азыр топто.

Окуду Асан алып телеграмды,
Чаптырды эки жакка эки адамды,
«Токтоосуз эң бир тездик жүрүш менен
Кел» — деген Асан укту бул кабарды.

---

[1] Взвод деген сөз.

Аргымак теке жоомарт, баары буудан,
Арстандар аттанышты, баары кыраан,
Тизилген патрондор тула бойдо,
Беш атар, болот кылыч, белде наган.

Алдында Тайкашкасы Асан эрдин,
Буйругу эң шашылыш кемeнгердин,
Пулимот,[1] азык-түлүк атка жүктөп,
Жолуна бет алышты Сары-Белдин.

Жүрүштү күндөп-түндөп суулар кечип,
Жатпады ат чалдырып, белин чечип.
Аткарып ротанын жазган катын,
Ак-Чийде чоң штабга келди жетип.

Эки ызбот дагы келди эки жактан,
Эрендер чек араны коргоп жаткан,
Баарысы ротага топтолушуп,
Буйрукту колуна алды начальниктен.

Көк өтөк, сары талаа, жашыл булак,
Каз, өрдөк, акчардакка кулак тунат,
Жээгине Чатыр-Көлдүн аскер келип,
Кемендир ызботторго буйрук кылат.

— Мусаев, сен барасың Арпа менен,
Ай талаа, бара турган жолуң кенен,
Окуп жүр картаны[2] колуңа алып,
Кысык бар, төмөн барсаң Көптеш деген.

Ашуу бар жазы Чытты андан ары,
Улуу-Төр ашуунун бар жаңы кары,
Жаныбек басмачыны кабылтасың,
Жакшылап ашуу жолун чалсаң аны.

Кармап кел, чамаң келсе, Жаныбекти,
Далайга Жаныбектин кордугу өттү.
Анжиян, Арка жолун тосуп алып,
Ар кимдин малы-мүлкүн алып кетти.

---

Пулемёт.

Карта.

— Куп макул, сөзүңүздү аткарамын,
Душманга ак шумкардай таптанамын.
Жери дейт кара шоро Жаныбектин
Жолун таап, ой-чуңкурун аңтарамын.

Жайлоосун кең Арпанын бүтүн чалды,
Бийиктен чар тарапка дүрбү салды,
Ээн жер эки күнү эргип жатып,
Эрмектеп эки кулжа атып алды.

Түнкүсүн чалгынчыга Асан барат,
Жанына ат кошчусун кошуп алат,
Кептештин чыга бериш кечүүсүнөн
Жылт эткен от жарыгын көрүп калат.

Чаптырды ат кошчусун ызботуна,
Жакындап өзү барды жортуулчуга,
Олтурган оттун жээгин тегеректеп,
Жолукту чукурдагы басмачыга.

Санаса алты киши селдеси бар,
— Кожонун бул талаада эмнеси бар?
Жанына мылтыктарын топтоп койгон,
Башчысы тигил окшойт жээрде сакал.

Байкайын чайын ичип, ашын жесин,
Бул жерге башка киши кайдан келсин?
Байлалуу тиги аттардын далдаасынан
Угайын жакын барып айткан кебин.

Маш болгон Тайгашканы алыс таштап
Туюнса наган менен салам жанчтап,
Аттардын арасынан карап турса,
Чоң сакал жаагы тынбай сүйлөйт какшап.

— «Илгери бир шум жигит чыгыптыр — дейт,—
Өң-түсүн аялга окшоп буруптур — дейт.
Топтошуп кеп салышкан аялдардын
Жанына жакын барып туруптур — дейт. —

Айтышкан аялдардын барлык сырын
Ал жигит такыр угуп туруптур — дейт.—
Баштатан тоотпогон сулууларды
Баш тартпас кетте доого жыгыптыр» — дейт.

Муну угуп Асан баатыр күлүп турду,
Бул анык басмачы экен билип турду.
Караса, топтуу мылтык жакын турат,
Жатты да, мылтыктарга колун сунду.

Чай ичип, жалпы баары жаңгак чаккан,
Ач окшойт, алаксыды шум тамактан,
Асанга уурдатып бар мылтыгын,
Алтоонун эки көзүн кара жапкан.

Асынды алты мылтык, бири колдо,
Абийирди Асан тапты ушу жолдо.
Аттардын чечип койгон чылбырларын
«Айдармын бир кезде,— деп,— оңум болсо».

Караса, ичише элек чайын бүтүп,
«Турбайын мен буларды көпкө күтүп,
Таамайлап бир атайын топко байлап,
Кетермин андан кийин атты үркүтүп» —

Деп ойлоп, беш атарын атып калды,
Бул алтоон аттар тепсеп бүлүк салды.
Белинде наганы бар кызыл сакал
Бут тартпай узунунан жатып калды.

Бош аттар алыс кетти тепсей качып,
Бешөөнүн төртөө мүргүп тамтаңдашып,
Бирөөнүн оң жак колун үзүп кеткен,
Бул дагы узай албай калды жатып.

Тайкашка узатпады качкан атты,
Шумкардай тоодак тепкен Асан чапты,
Мылтыктын үнүн угуп дабырташып,
Ызботу жерди жарып келе жатты.

Мусаев жолдошторун «токто» — деди,
Асынган мылтыктарды алып берди.
«Алалык тегеректеп душманды» — деп,
Кыраандар кыркаар тартып баары келди.

Аңгыча чолпон чыгып, таң да атты,
Алардын төрт тараптан төртөөн тапты.
Келишсе кош түшүргөн чукурунда,
Бир өлүк, бир жарадар сулап жатты.

Бул ишин Асан туура орундатты,
Алышты алты аргымак сонун атты.
«Адам го, сөөгүн карга жебесин» — деп,
Өлүгүн бул төртөөнүн корумдатты.

Кылычын Асан кындан сууруп алды:
— Кылмышың басмачылар, жокпу, барбы?
Кыйрынан балшебиктин чыккан үчүн
Чабамын тирүү койбой башыңарды.

Кырамын, айт чыныңды, ким жиберди?
Кас кылган балшабекке ким силерди?
Калганың кайта турат, басмачылар?
Чалмаксың кайда барып, кайсы жерди?

Чын сүйлө, калсын десең жаныңарды,
Басмачы канча экенин, саныңарды?
Алдыга чалгынчылап силер келип,
Арт жакта кошунуңар дагы барбы?

— Урбаңыз, жакшы жигит, чын айталык,
Алтообуз чыктык эле жол кайтарып.
Малчынын кайда экенин билип алып,
Айтмакпыз «жол аруу» деп кайтып барып.

Беш күндө бизди күтмөк четиндиден,
Кошунду Абдылдабек баштап жүргөн.
Жаныбек басмачынын ак сакалы
Киши жок канча экенин санын билген.

Учурайт четиндиден барып көрсөң,
Бул жерге эч ким келбейт жата берсең.
Баарыбыз кырк беш киши келмек болгон
Анык сөз, асыл жигит, бизге ишенсең.

Бул сөздүн баарын Асан каттап алды,
Көңүлгө уккан сөзүн жаттап алды,
Айдатып эки аскерге бул бешөөнү
«Ыштабга жеткиргин» — деп, жолго салды.

Булардын кийимдерин алып калган,
Ок жетпес күлүк деген бул аттардан,
Көк чалыш сары аргымак атактуу мал

Жарышса өтө коёт Тайкашкадан.
«Аттары басмачынын күлүк го» — деп,
Ар убак чалгынчылап минет Асан.

Штабдан кемендирдин өзү келди,
— Мусаев, ыракмат! — деп, колун берди.
— Айласын Жаныбектин сен табасың,
Мынакей, баатыр болдуң Асан! — деди.

— Ыракмат айтайын деп өзүм келдим,
Ишиңден баатыр деген наам бердим.
Жибердим кызматыңды толук жазып,
Экинчи дагы жоонун жеңип келгин.

## МЕН ДОСМУН

Кылкылдап күн уяга кирер убак,
Кырчадан Калый дүрбү салып турат.
Кырынан Асан жаткан аркасында,
Кылчайып,— баатыр, тур! — деп, моюн бурат.

Үргүлөп кеткен Асан көзүн ачты,
Ордунан тура калып, бери басты.
Белинен беш атарын туура кармап,
Бет алып өңүт алды кара ташты.

— Асаке, чоң кыяны карап көрчү,
Артында кишиси жок жалгыз өңдүү,
Бир адам келе жатат бизди карай —
Деп, Калый турнабайын алып берди.

Караса, жүк артынган жалгыз киши,
Кыянын түшөр жолу — суунун ичи,
Өңдүргө түшсө алыстап кете турган,
Булардын турган жери кырдын мизи.

— Жүр, Калый, алдын тосо баралык биз,
Өңдүрдөн аттын изин чалалык биз.
Кантсе да, наркы беттен келатыптыр,
Кабарын басмачынын алалык биз.

Чабыттап келип далдаа жерде турду,
Салынган кишинин бар ак куржуну.
Сулуктөй кара боз ат жабуулаган,
Сакалдуу нооча киши анын түрү.

— Жүр, барып жолоочу экен, сөз сурайлык,
Ал киши бүшүркөдү токтой калып.
Мингени кызыл, чалыш сары аргымак,
Тааныды бул аттарды көзүн салып.
— Бул эки ат — биздин аттар, ээси башка,
Мингенби чалгынчыны кармап алып?

Аңгыча чукул кирип келди жетип,
Аттары алып учат энтелетип.
Ат-тону басмачыга окшосо да,
Айбаттуу эки жигит эпкиндешип.
Асандын ак жолборстой түрүн көрүп,
Ал киши алсырады суру кетип.

— Тууганым, жолуң болсун, кайдан чыктың?
Өзгөндө тынччылыкпы, эмне уктуң?
Артынган куржунуңда эмнең бар?
Барасың өзүң кайда, ким улутуң?

— Туугандар, мен жолоочу, өзүм — кыргыз,
Өзгөндөн сөз укпадым, жатышат тынч.
Барамын аркы айылга илигим бар,
Өзүңөр кайсы жакка баратасыз?

— Жолоочум, бизди сурап не кыласың?
Бүгүн түн менден далай кеп угасың.
Жүрүгүн, кыргыз болсоң, бир түнөйлү,
Не үчүн өрөпкөлөп унчукпайсың?

Жок, иним, жете кетем барар жерге,
Силерди көрө калып ээн жерде.
Ат-тонуң басмачыга окшой калып,
Жүрөгүм селт дей түштү сиз келгенде.

Эмесе, басмачыбыз, өзүң айткан,
Өзүңдөй жолоочуну тосуп жаткан,
Боюңда эмне бар, карап көрөм,
Чечинип ылдамыраак түшкүн аттан!..

— Тууганым, басар жолго жолто кылба,
Азыраак оокатым бар ак куржунда,
Алгыла, керек болсо, бул куржунду,
Кетейин ат-тонума зыян кылба!

Маузерун Асан кармап, колуна алды:
— Карачы, Калый мында жарак барбы?
Сүйлөсө, аптыккансып каны качат,
Көп турбай, муну кошко алпаралы.

Чылбырлап Калый азыр чечти курду,
Маузерун Асан жакын кезеп турду,
Койнунан тапанчасын алып берип,
Кылчайып бул жолоочу улутунду.

Байлады жең учунан эки колун,
Жолоочум айтып берет далай сонун.
Жетелеп ызботуна алып келип:
— Атың ким, кайда жүрөт сенин тобуң?
Эгерде сөз жашырып тамтаңдасаң,
Абамдын кактагыла отко боорун.

— Чырагым, Эргеш балбан — менин атым,
Жаңылдым, тааный калып минген атың,
Анчалык чукул кирип келбесеңер,
Озунуп экөөңдү тең мен атмакмын.

Артымда Абдылдабек кыркча киши,
Асаным, бу да болсо, буйрук иши.
Бүгүн түн кабылтасың жолун тоссоң,
Кем эмес сеникинен анын күчү.

Бир шаштым сени көрүп акылымдан,
Пар келчү эмес эле беш-алты адам.
Көк атка кунан өгүз басканымда,
Эч адам алалчу эмес такымыман.

Чыны ушул, башка сөз жок не кылсаң да,
Пулимот, мылтык кылыч баары ошондо.
Жалганын, чын экенин көрөсүң го,
Беттешсең, бүгүн-эртең Абдылдага.

Кетишкен алты киши бизден мурун,
Болжолдоп өтүп кетти бир-эки күн.
«Билейин чалгынчынын кабарын» — деп
Бычандан бешим окуп чыктым бүгүн.

Минипсиң Тарлан көктү, Самансурду,
Аларга мени кошуп кудай урду.
Жан соога, достошомун, жаным иним,
Болсом да, жашым улуу, жаным курбу.

Эргештин буту-колун байлап салды
Эки аскер кош атты алып, кошто калды,
Ызботун топ-топ кылып үчкө бөлүп,
Бычандын жолун тосуп Асан барды.
Орнотуп пулемётун кашатчага,
Кароолдон Асан жалгыз жолду чалды.

Түн теңи ооган мезгил таңга жуук,
Жогортон Асан келди табыш угуп,
Күтүнүп даяр болуп турган кезде,
Кыр жактан шаң көрүнөт каңырт чыгып.
Капталдын жолун таштап, кыраң менен
Басмачы баратышат жолдон чыгып.

«Аттанып жүргүлө» — деп Асан кетти,
Алдынан бир кырчага чаап жетти.
Кароолу басмачынын көрө коюп,
Чакырды «токтой тур» — деп, Абдылдабекти

Токтолуп Абдылдабек кылды кеңеш,
«Көп экен, булар биздин чалгынчы эмес,
Даярла пулеметту, аскер окшойт,
Аталык кырга чыксын чогуу элес».

Жабыла басмачылар түшө калды,
Аскердин топтолушун күтө калды.
Асандын алдындагы белесчеден
Чодур да пулемётун бетине алды.

— Чодуке, үчөөң мында жата бергин,
Кароолго илингенин ата бергин,
Айланып арт жагынан басмачынын

Алалык атышууга бийик жерин.
Чуратып Асан кетти жабыт менен,
— Аскерлер, алгыла,— деп,— тегерегин.

Басмачы Чодур менен өйүз-бүйүз,
Аңдышып жата берип болду күндүз.
Айланып жогор жагын аскер алып,
Атышуу мына болду сиз көрүңүз.

Атышуу болуп турду ар тараптан,
Басмачы көрүнбөдү алды жактан.
Аңдышып Абдылдабек бир топ киши,
Чодурга жеткен экен арка жактан.

Кароолдон Калый көрүп, бек шашылды,
Жүгүрүп пулемётту кайра бурду,
Бет алып пулемёттон ок аткыча
Чодурдун эки атына ок жаңылды.
Басмачы байкоосуздан жакын келген
Баатырлар машинеден бат камынды.

Чодурдун пулемёту батырады,
Буртулдап чаңы асманга чачырады,
Чү койду атакага аскер бүтүн,
Чодурдун чаңды көрүп артындагы.
Жыгылып беш-алтысы аттан кулап
Душмандын тымтыракайы, кетти саны.

Качышты басмачылар муну көрүп,
Баратат жаралуусун бири өңөрүп,
Артынан Асан кууп бийик менен,
Атканы ала салат канга чөмүп.

Таштады пулемётун басмачылар,
Бир тобун аскер тосуп калды бөлүш.
Жаралуу бир басмачы мылтык атып,
Жашкенин[1] буту аксады, аты өлүп.

Жашке да, басмачы да тең жарадар,
Жашынып бирин-бири атат алар.
Капчыгай, карайган таш, калың чөптү

---

[1] Яшке.

Калтырбай жоготууга жери татаал.
Мылтыктын үнү менен тоо кабышып,
Аскер кууп, качып барат басмачылар.

Токтобой кууган Асан, аты мыкты,
Жазыдан күн батарда ашырышты.
Жаралуу Абдылдабек эң алдында
Басмачы колмо колдоп качырышты.

Тайкашка жаныбарым чарчабады,
Талыкпай Асан дагы ташка салды,
Жолу жок корум менен жоону аткылап,
Жорудай далдайтты бейм канчаларды.
Санаса жыйырмача киши кетти,
Калган го басмачынын башкалары?..

Туу белге жакындады бир топ киши,
Чоң ашуу, чубай берме аттын изи.
Кез-кезде тоо жаңырып, мылтык атып,
Кабышат капчыгайдын төмөнкү ичи.

Арт жакта жоодон калган киши барбы?
Асандар кайра жүрүп ага барды.
Үңкүргө кирип калган басмачыны
Аскерлер тегеректеп сууруп алды.

Ызботун Асан алып, кошко барды,
Он жети ат басмачыдан бошко барды.
Жаралуу эки аскерин дарылашып,
Эргешти аңгемелеп сөзгө салды:
— Карачы, бул аттарды тааныйсыңбы?
Качырдык улуу белден канчаларды.

— Асанжан, кырк беш киши үйдөн чыктык,
Басыптыр басмачыны оор кырсык.
Кеткен го жыйырмага жакын киши,
Калыптыр бир пулемёт, он беш мылтык.

Алыпсың он төрт атты ээри менен,
Жетини башта алгансың мени менен,
Эсептеп ала бергин олжоңузду,
Мен досмун акыреттик сени менен.
Жарармын, Асан баатыр, керегиңе,
Болоюн балшабекчил арым менен.

## АРАШАНДА

Күмүштөй ак мөңгүнүн чети чыгат,
Көркөмсүп көк тиреген тоолор турат.
Түн түшүп, карагайы караңгылап,
Күн нурун жарык бербейт түтүн сымак.
Аянттар: ак кызыл, көк жашыл, сары
Ар түрлүү гүлдөр өскөн жыты бурап.
Өзөндө сапырылып күрүлдөгөн
Өкүм суу өжөрлөнүп ташка урунат.

Тизилген асман тиреп аска-зоосу,
Кызыл чап, бөлөк-бөлөк кырка тоосу,
Кол менен жасалгандай тегерек түз,
Конушка ылайыктуу жер коозу.
Жер-жерден ар ким барып курорт кылган —
Жети-Өгүз арашаны ушул болчу.

Түздөгү бой тирешкен карагайы,
Түрлөнгөн гүл ачылып бадалдары,
Аралап учуп-конуп тоо чымчыктар,
Ар түрлүү жашыл, ала, кызыл, сары.
Жайкалган байчечекей гүлдөрүндө
Көпөлөк балын соруп калдырканы
Күн тийип, жамгыр жаабайт бүчүрүнөн
Ким болду көрүп конуш кылган аны?

Үй алды, чоң карагай көлөкөлүү,
Тайкашка жамынгансып көлөкөнү.
Түрүлгөн эшик жакта туура тартып,
Ээрчен турган экен сөлөкөттүү.

Уктаган түш убакта Асан, Жамал,
Тартылуу ак тубардан көшөгө бар,
Суусуна Арашандын түшүп алып,
Үйүндө үзүрлөнүп жаткан алар.
Үчөө тең уктап жатат төр жагында
Кеңешбек, Зейнеп, Кадыр жаш балалар.
Эркинбек эң улуусу төрт баланын,
Эшикте ойноп жүрөт, бой таранар.

Уйкудан көзүн ача баатыр Асан,
Ойгонгон Жамал болсо алда качан.
Оюнда бир «кеңешин айтайын» — деп,
Асандын ойгонорун күтүп жаткан.

Кыстарды көшөгөнү Жамал туруп,
Кыйшайды Асан жакка бетин буруп,
Жаагынан жаш баладай эркелетип,
Асанды беттен сылайт колун сунуп.
— Асаке, кеңешим бар угасызбы? —
Дегенде Асан күлдү бери жылып.

— Ээ, Жакиш, кеңешиңди айт, мен угайын,
Энеси төрт баланын сиз кожайын.
Ээгимден эркелетип сылап калдың,
Эмне кеңешиң бар Жакинайым?

— Уксаңыз, бул кеңешим — узун кеңеш,
Деп ойлойм бул сөзүмдү жаман дебес.
Күлпөтүн көргөнүмдөн бери карай,
Көп түшөт көңүлүмө балалык кез.
Кыштагын көпчүлүктүн карап турсам,
Мага да пайда болот түрлүү элес.

Тигине Эркинбегиң он бир жашта,
Үч балаң уктап жатат андан башка.
Сөздү угуп, тилимди алсаң, өмүрлүгүм,
Чынында сени сүйөт чын көңүлүм.
Кызматты кайдан болсо иштей бергин,
Тилеймин амандыгын өмүрүңдүн.

Токчо ээрчитсем жөжөлөрдү,
Бакчадан балдар терсе мөмөлөрдү,
Колхозго мүчө болуп кирсек кантет,
Көз жетет көп ичинен көгөрөрдү.—

Дегенде Асан бир аз дебей макул,
Кыргызга кыштак ичи болор акыл.
«Туруктуу мекен жакшы» деген сөзү —
Түбүндө эң керектүү узун акыл.

— Куп, макул, Жакиш, сенин сөзүңдү алдым,
Кебиңе бирден талдап кулак салдым.
Кеңешип, абдан туура негизинде,
Алайын уруксатын камиссардын.

Жакишим, айтканыңды аткарайын,
Жалгызын эсиме албай таштабайын.
Мен барып, Камиссарга акылдашып,
Ленин колхозуна катталайын...

— Жылдар өттү... Миң тогуз жүз отуз сегиз,
Аскерлик — балшабектик милдетибиз.
Эгерде бизге каршы душман чыкса,
Бирдик күч бизде болот улуу жеңиш.

Эркиндин жыйырмага жашы жетти,
Сактасын өлкөсү үчүн кызыл чекти.
Апаңа катты берип, тез камынып,
Сен барып, узатып кел Эркинбекти.

## ҮЧ КУБАНЫЧ

Кечинде күн бүркөлдү жарк-журк этип,
Асмандан күн күркүрөп булут көчүп,
Куралып кара булут калыңданып,
Батыштан катуу шамал турат өтүп.
Козу, улак айыл жакка бет алышып,
Жүгүрдү кулактарын делдеңдетип.
Шашкандай бир-биринен өтө коюп,
Айылга сыйынттоого ылдам жетип.

Аялдар этектерин делбиретип,
Казыкка аркан байлап, үй бекитип,
Жылкычы «жаш кулундар не болот?» — деп,
Баратат айыл жактан чаап кетип.
Шамалдап катуу жааган жамгыр менен
Сокодон ат чыгарды жетелешип.
Түн теңи ооган чакты нөшөр куюп,
Жатын мал жата албады сууну кечип.

Таң атып, күн ачылды, булут калбай,
Күн нуру балкып чыкты жаккан шамдай.
Силкинип төрт аяк мал, канаттуу куш,
Магдырап дене бою жайылгандай.
Боз торгой үн алышып обо мелжеп,
Булбулдар бак ичинде турат сайрай.
Күкүктөр талга конуп, таңышып турса,
Кишинин кулак курчу жазылгандай.

Кызгалдак, байчечекей көз уялтып,
Жер бетин кулпундурат түр сайгандай.
Колхоздор кошун айдап, бээсин байлап,
Ар бир топ ак көйнөкчөн кир жайгандай.
Кыштактын туурасында калың айыл
Боз үйдү тиккен экен бири калбай.
Ууладык улам ичип ууз кымыз,
Утуру ичкиң келет, даамы балдай.

Асмандын нур төгүлүп жер балкыды,
Абадан күн нуруна гүл ачылды.
Адыр, түз жашылданган көктөн убак,
Жазылып жан-жаныбар чер жазылды.
Планын кош айдоонун эсептесе,
Бул колхоз бүтмөк тургай, көп ашырды.

Рапорт районго бермек болуп
Көпчүлүк канторунда карап турду.
Жогортон зымырылтып лөккөбайын,
Райком, «сүйүнчү» деп колун сунду.

Кары-жаш туш-туш жактан ылдам басты,
«Кандай сөз, бат уксак» — деп анталашты.
Райком папкасынан ала коюп
Кагазды мынакей деп бетин ачты:

— Радио кабар берди, кабар берди,
Душманды совет эли кечээ жеңди.
«Багындык, курал жабдык мынакей» — деп,
Фашисттер бүт өткөзүп бизге берди.

Аңгыча чаап келди сельсовети,
Ал дагы сүйүнчүлөп энтеледи.
— Асаке, сизге дагы бир сүйүнчү,
Бул катты ачып окуп көрчү,— деди.

Окуса, Эркинбектин кагазы экен,
Мончоктоп маңдайынан акты тери.
Ардагы амандыгын билгизген соң,
Асандын сүйүнбөөчү барбы жери?
— Атымды алыңыз,— деп, сүйүнчүгө
Ашыгып алаңдады ары-бери.

Эркинбек кат жазыптыр: «жүрөм аман»,
Фронтто эрдиги үчүн орден алган.
«Балдардан кат келбейт» — деп, жүргөндөрдүн
Бардыгы бул катты окуп кубанышкан.
Басылып кандуу согуш токтолуптур,
Балдарга кылбайлычы дешип бушман.

Туш-тушка киши чапты, кабар салып,
Түш келген кары, жаштан сүйүнчү алып.
Салыйман берген экен алда качан,
Жамалды сүйүнчүлөп өлүп-талып.
Кийиптир кара макмал жаңы пальто
Көрсөтөт «мынакей» деп, ал мактанып.
Ак жолтой көптөн бери болуп жүрөт,
Жарыштан улам чыгып, көп байге алып.

Канторго, аял, эркек эл жыйылып,
Кеп сүйлөп митинкиге бирден чыгып,
Кемпир-чал, келин-кыздар собол сурап,
Гитлерди совет жеңди дегенди угуп.
«Келишет тез арада баатырлар» — деп,
Көңүлү кары-жаштын турду тынып.

Асанга акырында сөз берилди,
Айтууга колхозунун туура келди.
Ленин колхозунун жетишкенин
Башынан элестетип айтып берди.
— Далайдан башкармалык кызмат кылдым,
Он эсе чарба малым өстү — деди,
Эчен-эчен кыйынчылыкты жеңип келдик,
Колхозум эмгек албай койбойт деги.

Аскерге, азык, кийим, ат берилген,
Ардактуу ушу отурган элдин эми.
Элимдин эбегейсиз эмгегинен
Эрендер эрегишкен жоону жеңди.

Үч күнгө ат, кунан чаап, улак тартып,
Урматтап бул жеңишке той берели.
Эки күн өз башымдын тою болсун,
Эгиздеп мына бүгүн кубанч келди.

Мына журт касиети бирлик күчтүн,
Белсенип планыңды эрте бүттүң.
Актайлык антыбызды, аял, эркек,
Алалык мурдагыдан арбын түшүм.

— Чоң той бар он биринчи май күнү,— деп,
Эртеси бир район бүтүн келди.
Кечеки эңиш, күрөш тура турсун,
Көпчүлүк тамашаны бүгүн көрдү.
Оодарыш буюм эмес карап турчу,

Улакка укмуш экен көрсөң эми.
Абалтан атка чыйрак, жоого баатыр
Турбайбы аял, эркек кыргыз эли?

Атабыз эр Манастан бери карай
Ар-намыс адат болгон чындык жери.
Анбарбек, Дайыр, Талгат, Ташмаматтай
Атактуу жаштан чыккан арстан шери.
Ажалга намыс үчүн өзүн тоскон
Дүйшөнкул, Чолпонбайдай болбойт деги.
— Келиндер эмне үчүн чыйрак? — десем,—
Кыз Сайкал, Жаңыл мырза эжелери.

Той таркар маал болду кечке жакын,
Чоң жолдо чаңга аралаш келет закым.
Тез эле жетип келди эл ичине,
Тердетип тору жорго минген атын.
Түшүрүп жасалгалуу чоң ак үйгө
Тоюнан ичип-жешти тамак ашын.

— Сизсизби, Мусаева Жамал жеңе?
Алып кел колуңузду мубарикке.
Тоюңуз куттуу болсун тойго уланып,
Мени да бекеринче келди дебе.
Жаркырап алтын орден тагынасыз,
Жеңетай, не бересиз сүйүнчүмө?

Мынакей өкмөттүн тилгарамы,
Окуймун элди жыйнап митинкеде.
Таапсыз тарбиялап сегиз бала,
Наамыңыз болот экен баатыр эне.

Келгендин колун кысып, кубанч айтып,
Аңгыча Асан, Жамал оозун жапты.
Наамына акыркы сөз берилгенден
Нурланып сөз айтууга Жамал басты.

Кырк үчкө жашы жеткен ушул жылы,
Кашкайтып бермет тишин оозун ачты.
Ак маңдай, сурмалуу көз, кырдач мурун,
Адамга эң бир сүйкүм сөзү татты.
Турган эл кубанышып дүркүрөтүп
Бул тойдун урматына колун чапты.

— Силерге бир азыраак сөз айтайын,
Көпчүлүк билбессиздер менин жайым?
Толкундуу той берилген майрам күнү
Турамын нурга балкып мен ансайын.
Балдарың фашисттерди талкан кылып,
Түбөлүк жаркыратты эл таалайын.
Ошондой кыраандарды төрөп берген
Кымбаттуу энелерди мен мактайын.
Батыштан санаа тынып балкып турган
Майрамың куттуу болсун, жалпы агайин!

Төрлөдүм миң тогуз жүз экинчи жыл,
Турмуштан баяндайын сиздерге сыр.
Жардылык жабыркатып ата-энөмди,
Жалданып малай болуп, жан багыптыр.
Жаңы эле он төрт жашка чыкканымда,
Эл үркүп, уруш болуп, башталды чыр.
Ата-энем, бир тууганым кыргында өлүп,

Жаралуу жалгыз калдым Жамал кургур.
Тагдырдан Асан келип жолукканда,
Таалайым өсүп турган күнүм ушул.

Төрөдүм беш уул, үч кыз — сегиз бала,
Булардын экөө болду эгиз бала.
Ленин колхозунда иштеп келдим,
Кыркынчы жылдан бери мен звена.
«Өлдү» деп, угузушкан Эркинбегим
Өзүнөн каты келди, мен садага!

Энелик даңк ордени — баатыр эне,
Мынакей, бүгүн келди таалайыма.
Чынында эл тилеги туура келди,
Ар бенде жетишсе экен талабына.
Бир күндө үч кубаныч көрүп турам,
Калың эл, касиеттүү паанайыңда.
Жашасын компартия эл камкору,
Бакытты түзүп берген калайыкка.

# МАЗМУНУ


Ильич эстен кетпейт . . . . . . . . . . 9
Кыргызстан . . . . . . . . . . . 10
Элиме . . . . . . . . . . . . . . . 12
Селкинчек . . . . . . . . . . . . . 14
Коштошуу . . . . . . . . . . . . . 16
Бешик ыры . . . . . . . . . . . . . 20
Токтогулга . . . . . . . . . . . . . 21
Эли сонун кыргыздын . . . . . . . . . 23
Кырааныма . . . . . . . . . . . . . 26
Май майрамына . . . . . . . . . . . 27
Жеңиш жылы . . . . . . . . . . . . 28
Кубанычтуу жаңы жыл . . . . . . . . 30
Өч алдык . . . . . . . . . . . . . 32
Токтогулдун элеси . . . . . . . . . . 38
Асан-Жамал (поэма) . . . . . . . . . 40